Кыргыз Республикасынын улуттук тун гезити

Улуттук тун гезит 1924-жылдан 1927-жылга чейин «Эркин-Тоо» деген ат менен чыккан

1927-жылдан 1956-жылга чейин «Кызыл Кыргызстан» деген ат менен чыккан

1956-жылдан 1991-жылга чейин «Советтик Кыргызстан» деген ат менен чыккан

# Кыргыз Туусу

1924-жылы 7-ноябрда негизделген

www.kyrgyztuusu.kg
e-mail: tuusu@mail.ru

ISSN 1694-6189

№ 48 (24724)
2023-жылдын 7-июлу

## Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “Бул сертификат силерге чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат”



**Кечээ Президент Садыр Жапаров Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча «Алтын сертификаттардын» ээлери болушкан мектеп бүтүрүүчүлөрүн сыйлоо салтанатына катышты.**

Мамлекет башчысы билим уясынан ийгиликтүү учуп чыгып, турмуш жолуна аттанган бүтүрүүчүлөрдү Жусуп Баласагындын саптарын келтирип, куттуктады. “Улуу ойчул бабабыздын “Билим бийик түгөнбөс, окуу — улук, адамда – ушул эки артыкчылык” деген накыл кебиндей, мектепте алган билимиңер жашооңордун бекем пайдубалы болуп, өмүр бою артыкчылык берет”, – деди ал.

Президент өлкөбүздүн мектептериндеги билим берүү сапатынын жогорулашынын жыйынтыгы катарында өткөн жылы ЖРТга катышкандардын орточо баллы 119,8 болсо, быйыл 121,9 баллга чейин жогорулаганына токтолду.

“Быйыл өлкө боюнча жалпы республикалык тестирлөөгө 50 миңге жакын бүтүрүүчү катышты. Ошолордун арасынан силер мыкты даярдыгыңарды далилдеп, алдыга суурулуп чыгып, «Алтын сертификатка» ээ болуп олтурасыңар. Бул силерди окуткан эжей-агайларыңардын жана, албетте, ата-энелериңердин эмгегинин үзүрү деп эсептейм”, – деди ал.

Президент билим алууга болгон чоң умтулуудан улам бүгүнкү салтанаттын катышуучулары алтын сертификаттарды алганын жана бул умтулуу мындан ары да күч алышы керектигин белгиледи.

“Кыргызстандын жаркын келечеги, бактылуу элибиз, ата-бабаларыбыздын мурасын муундан муунга сактап калуу ар бириңиздердин жоопкерчилигиңерден, аракетиңерден жана эмгегиңерден көз каранды экенин унутпаңыздар! Мына силердин колуңарда алтын сертификат турат. Бул сертификат силерге чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Силер үчүн Кыргызстандагы бардык жогорку окуу жайларынын эшиги ачык, бюджеттик негизде каалаган окуу жайыңардан окуй аласыңар. Араңарда чет өлкөдөгү жогорку окуу жайларга тапшыра турган балдар-кыздар да бар. Бул дагы жакшы көрүнүш. Эң башкысы, келечекте чет жерден алган билимиңер менен өз Мекениңерге келип, өлкөңөрдүн өнүгүшүнө салым кошуу канчалык маанилүү, канчалык сыймыктуу экенин унутпагыла”, – деди ал.

(Теманын уландысы 6-бетте)

### Коомубуз ата ысымын алуудан адашпайт



5-БЕТТЕ

Асылбек ТОКТОГУЛОВ:

### “Милдетибиз – билим берүү кызматкерлеринин укугун коргоо жана ден-соолугун чыңдоо”



8-9-БЕТТЕРДЕ


### "Мигранттын күндөлүгүнөн" рубрикасынын бүгүнкү коногу – Сайрагүл ЖОЛБОРСОВА



10-БЕТТЕ

### Урматтуу окурмандар!

*kyrgyztuusu.kg сайтынан жаңылыктарды окуп, “Кыргыз Туусу” ютуб каналына катталып, кызыктуу видео-материалдарды көрүп туруңуздар*



Эл аралык кызматташуу

# Уюмдун иши улам алдыга жылууда

**4-июлда Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттеринин башчыларынын кеңешинин видеоконференц-байланыш форматындагы кезектеги жыйыны болуп, ал Индиянын Премьер-министри Нарендра Модинин төрагалыгы астында өттү.**



ШКУга мүчө мамлекеттердин башчыларынын кеңешинин ишине Президент Садыр Жапаров, Казакстандын Президенти Касым-Жомарт Токаев, Кытай Эл Республикасынын Төрагасы Си Цзиньпин, Пакистандын Премьер-министри Шехбаз Шариф, Россиянын Президенти Владимир Путин, Тажикстандын Президенти Эмомали Рахмон, Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев катышты.

Беларустун Президенти Александр Лукашенко, Ирандын Президенти Эбрахим Раиси жана Монголиянын Президенти Ухнагийн Хурэлсух жыйынга ШКУга караштуу байкоочу мамлекет башчылары катары, Түркмөнстандын Президенти Сердар Бердымухамедов төрагалык кылуучу тараптын коногу катары жана ШКУнун туруктуу иштеген органдарынын башка жетекчилери жыйынга чакырылган.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров өз сөзүндө ШКУнун диалог боюнча өнөктөштөрүнүн жалпы саны 14 өлкөгө жеткен бекем жана келечектүү потенциалын эске алуу менен Мамлекет башчысы Катчылыкка биргелешкен иш-чаралардын «Жол картасын» иштеп чыгуусун тапшырууну сунуштады.

«Бул соода, инвестиция, банк иши, транспорт, энергетика, ошондой эле маданий-гуманитардык, анын ичинде туризм жана билим берүү чөйрөсүндөгү биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга диалог боюнча өнөктөштөрүбүздү активдүү тартууга мүмкүндүк берет. Кызматташуунун чоң потенциалын ишке киргизүү зарыл. Акыркы жылдары ШКУнун географиялык камтуусунун олуттуу кеңейиши эл аралык коомчулуктун биздин уюмга болгон кызыгуусунун өсүп жатканын тастыктайт. Бул бардык жактан алып караганда түшүнүктүү. Азыркы күнү дүйнөдө диалогдун, өз ара түшүнүшүүнүн жана кызматташуунун аябай тартыштыгы сезилип жаткан учурда Шанхай кызматташтык уюму өз ара ишенимге, өз ара пайдага, тең укуктуулукка жана биргелешкен өнүгүүгө умтулууга негизделген эл аралык мамилелердин шыктандыруучу мисалы болуп калды», – деп белгиледи ал.

Анын пикиринде, ШКУ ишмердигин жүргүзгөн жылдарда олуттуу ийгиликтерге жетишти жана дүйнөлүк экономиканын төрттөн бир бөлүгүн, Жер калкынын жарымына жакынын бириктирген кыйла таасирдүү субрегионалдык түзүмгө айланууда.

«ШКУнун конструктивдүү кызматташуу күн тартиби бар, ал дүйнөнүн ар кайсы аймактарындагы көптөгөн өлкөлөрдү өзүнө тартуу күчүнө ээ болуп баратат. Кыргыз Республикасы ШКУнун ишин жакшыртуу боюнча аракеттерди колдойт. Анын ишмердүүлүгү конкреттүү практикалык жыйынтыктарга, анын ичинде инфраструктураны өнүктүрүүгө, материалдык-техникалык потенциалды жогорулатууга жана инновациялык технологияларды киргизүүгө басым жасалып, ошолорго багытталышы керек. Уюмдун ишин жакшыртуу процессинде бардык тараптардын пикирлерин жана сунуштарын эске алуу зарыл», - деди ал.

Президент Уюмду мындан ары чыңдоо - Бишкекте ШКУнун Эл аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү борборун түзүү боюнча Кыргызстандын сунушуна басым жасады. Анын айтуусунда, бул демилгени ишке ашыруу аймактык коопсуздукту камсыз кылууга, терроризмге, экстремизмге, баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө жана транс чек аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүүгө байланышкан маселелер боюнча кызматташууну өнүктүрүүгө олуттуу түрткү берет.

Коопсуздук маселелерине токтолуу менен С.Жапаров ооган көйгөйүн көңүл сыртында калтырбоого чакырды.

«Кыргызстан үчүн, биздин досторубуз сыяктуу эле, Ооганстандагы тынчтык жана туруктуулук - аймактык коопсуздукту камсыз кылуудагы артыкчылыктуу шарттардын бири болуп саналат. Кыргыз Республикасы ынак коңшулук мамилелерди өнүктүрүүгө даяр жана Ооганстандын тынч жана туруктуу болушуна кызыкдар», – деди Президент сөзүн жыйынтыктап жатып.

Жыйындын аягында ШКУнун ишмердүүлүгүнө тиешелүү бир катар документтерге кол коюлду.

# Аралыгыбыз алыс болсо да, мамилелерибиз жакын

**6-июлда Президент Садыр Жапаров Япониянын Либералдык-демократиялык партиясынын Башкы кеңешинин төрагасы, өкүлдөр палатасынын депутаты Тосиаки Эндону кабыл алды.**



Анда эки өлкө ортосундагы эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуунун учурдагы абалы жана келечеги тууралуу пикир алмашуу болду.

С.Жапаров эки өлкө ортосунда дипломатиялык мамилелер түзүлгөн 30 жыл ичинде саясий, экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташуу боюнча бай тажрыйба топтолгонун белгиледи.

Мамлекет башчысы парламенттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүүнүн маанилүү фактору болуп саналарын баса белгилеп, Япония тарапка демократияны чыңдоого, Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө көрсөткөн үзгүлтүксүз колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди.

Өз кезегинде Тосиаки Эндо Япония тарап адам ресурстарын инвестициялоого басым жасоо менен кыргыз тарап менен кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүгө кызыкдар жана даяр экенин билдирди.

Мындан тышкары, ал климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүүдө кызматташуунун маанилүүлүгүн белгиледи.

Биргелешкен долбоорлорду белгилеп, ал энергетика тармагындагы долбоорду атап жана анын Кыргызстандын жетекчилигинин колдоосу менен тез арада ишке ашарына үмүт артаарын айтты.

Жолугушуунун аягында КРнын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Япониянын Юстиция министрлигинин, Япониянын тышкы иштер министрлигинин, Япониянын саламаттыкты сактоо, эмгек жана бакубатчылык министрлигинин, ошондой эле Япониянын улуттук полиция агенттигинин ортосунда маалыматтык өнөктөштүктүн базалык алкактык негизи боюнча «Белгилүү көндүмдөрү бар кызматкер» болуу статусу бар чет өлкөлүк эмгек ресурстарына тиешелүү системанын тийиштүү иштеши үчүн кызматташуу жөнүндө кол коюлган меморандумдун документтерин алмашуу болду.

# Алдыда Монголия күтүүдө

**Президент Садыр Жапаров 9-11-июлда Президент Ухнаагийн Хурэлсухтун чакыруусу менен Монголияга мамлекеттик сапар менен барат. Бул тууралуу Президенттин Администрациясынын тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Муратбек Азымбакиев билдирди.**

«Бул сапардын алкагында Садыр Жапаров Монголиянын Президенти Ухнаагийн Хурэлсух, Премьер-министр Лувсаннамсрайн Оюун Эрдэнэ, Монголиянын Улуу Мамлекеттик Хуралынын Төрагасы Гомбожавын Занданшатар менен эки тараптуу жолугушууларды өткөрөт.



Тараптар Кыргызстан менен Монголиянын ортосундагы соода-экономикалык, инвестициялык, маданий-гуманитардык тармактардагы эки тараптуу кызматташтыктын абалын жана мындан аркы өнүгүү келечегин талкуулашат.

Улан-Батор шаарына болгон сапардын алкагында Кыргыз Республикасынын Монголиядагы элчилигинин расмий ачылыш аземи да болот.

Сапардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасы менен Монголиянын достук жана кызматташтык мамилелерин тереңдетүү жөнүндө Биргелешкен декларациясына, ошондой эле экономика, санариптештирүү, айыл чарба, курчап турган чөйрөнү коргоо, токой экосистемаларын өнүктүрүү ж. б. чөйрөлөрүндө кызматташуу жөнүндө бир катар эки тараптуу макулдашууларга кол коюлат.

Тараптар ошондой эле Кыргызстан менен Монголиянын ортосундагы соода-экономикалык жана социалдык-гуманитардык байланыштарды бекемдөө максатында Бишкек жана Улан-Батор шаарларынын, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун жана Монголиянын Хэнтий аймагынын ортосунда боордош байланыштарды түзүү боюнча макулдашууларга кол коюшат», – деди М.Азымбакиев.

Т.ИСХАКОВ

Министрлер Кабинетинде

# Кайгыга салган калдыктар

**4-июлда КРнын Министрлер Кабинетинин Төрагасы - КРнын Президентинин администрациясынын жетекчиси Акылбек Жапаров Нарын облусуна болгон иш сапарынын алкагында Жумгал районунун Миң-Куш айыл аймагындагы уран калдыктарын сактоочу жайларга барды.**

Белгилей кетсек, Миң-Куш айыл аймагында жалпысынан “Талды-Булак”, “Туюк-Суу”, “Как” жана “Дальнее” сыяктуу уран калдыктары сакталган төрт жай бар.

Жергиликтүү жашоочулардын маселесин угуу үчүн А.Жапаров алар менен жолукту. Анда жергиликтүү тургундар эгерде “Туюк-Суу” уран калдыктарын сактоочу жайы ачылып, башка жайга көчүрүлө турган болсо ал ден соолукка зыян келтирээрин айтышты.

Карапайым элдин, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийликтин жана тиешелүү адистердин пикирин уккан Төрага “Бардык аткарыла турган иштер мыйзам чегинде болоорун жана элдин кызыкчылыгы үчүн чечилиши керектигин” билдирди.

Жыйынтыгында ал жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө “Туюк-Суу” уран калдыктарын сактоочу жайын көчүрүү маселесин мындагы жашоочулар арасында “референдум” сыяктуу жолу аркылуу чечүүнү жана анын жыйынтыгы менен Министрлер Кабинети бир чечимге келээрин билдирди.



# Мамлекет бизнести колдойт

**5-июлда Акылбек Жапаров өлкөдөгү бизнес-коомчулуктун өкүлдөрү менен жолукту.**



Анын жүрүшүндө Төрага бул жолугушуунун негизги максаты болуп жаткан көйгөйлөрдү жана сунуштарды талкуулоо экенин белгиледи.

“Дүйнөдө болуп жаткан окуяларга карабастан, акыркы эки жылда өлкөбүздө экономикалык өсүштүн жогорку темпи байкалууда, ага ишкерлердин ишмердүүлүгүнүн салымы бар. Ар бир экономиканын кыймылдаткыч күчү ишкерлер экенин баарыбыз билебиз. Сиздердин ишканалар иш орундарын түзөт жана экономикалык өсүштү камсыздайт. Андыктан, Министрлер Кабинети сиздерде кандай көйгөйлөр бар экенин жана бул процессти жеңилдетүү, ошондой эле жагымдуу бизнес чөйрөсүн түзүү үчүн мамлекет тарабынан кандай чараларды көрө алаарын билүү маанилүү”, - деп бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүн «мүмкүн болушунча ачык болууга” чакырды.



Жолугушуунун жүрүшүндө бизнес-коомчулуктун өкүлдөрү тарабынан агроөнөр жай комплексин, электрондук коммерцияны, санариптик кызматты, энергиянын кайра жаралуучу булактарын жана жеңил өнөр жайын өнүктүрүү боюнча ишкерлик кылгандардын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүн жакшыртууга багытталган бир катар сунуштар айтылды.

Төрага мамлекет бизнесмендерди керектүү учурда ар тараптан колдоп берүүгө даяр экенин, бажы жол-жоболорун, салык салууну, ошондой эле бардык мамлекеттик кызматтарды санариптештирүү үчүн мыйзамдарды жана ченемдик укуктук актыларды өзгөртүү процесси жүрүп жатканын белгиледи.

“Мамлекет “бутуна турду”, өлкөнүн экономикасы өнүгүүгө ишенимдүү багыт алды, биз бардык зарыл жардамдарды көрсөтүүгө жана өлкөнү өнүктүрүүгө жана жаңы жумуш орундарын камсыз кылууга багытталган бизнес долбоорлоруңуздарды колдоого даярбыз”, – деп жыйынтыктады ал.

# Энергетиктерге колдоо

**5-июлда Акылбек Жапаров Энергетика министрлигине 29 жаңы атайын техниканын ачкычын тапшырды.**

Өз сөзүндө Төрага акыркы жылдары реформалардын алкагында бөлүштүрүүчү компаниялар бириктирилип, анын натыйжасында компаниялардын чыгымдары туура пайдаланылып, энергетика тармагындагы материалдык-техникалык базаны жаңылоого жакшы мүмкүнчүлүктөр ачылганын билдирди.

“Жабдуулар, линиялар – баары эскирди, жогорку чыңалууларга чыдабай жаткандыгы белгилүү. Президентибиз бул маселени чечүү үчүн электриктерге иштегенге шарт түзүү милдетин алдыңкы планга койгон. Акыркы эки жылда биз энергетикада бир топ жаңылануударга бардык. Кыргызстан жаңы техникаларды өзүнүн каражатына сатып алып жатат, бир сом дагы кредиттик каражат жок. Мамлекет өзүнүн каражатына техникаларды ала баштаганы өнүгүү жолунда экендигибизден кабар берет”, – деди ал.

А.Жапаров жалпысынан 2023-жылы 359 млн. сомго 76 атайын жаңы техника алынаарын кошумчалады.



# Ар тараптуу кызматташуу

**5-июлда КРнын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Индияга болгон жумуш сапарынын алкагында Индиянын соода жана өнөр жай министри Пиюш Гоял менен Соода-экономикалык жана илимий-техникалык кызматташтык боюнча кыргыз-индия өкмөттөр аралык комиссиясынын теңтөрагалары катары сүйлөшүүлөрдү жүргүздү.**

Анда тараптар эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин талкуулап, соода жүгүртүүнүн көлөмүн көбөйтүүгө жана маданий-гуманитардык байланыштарды кеңейтүүгө өзгөчө көңүл бурушту.

Мындан тышкары, Э.Байсалов Индиянын мамлекеттик тышкы иштер министри Минакши Лекхи менен да жолукту. Анын жүрүшүндө кыргыз-индия эки тараптуу кызматташуунун негизги маселелери, глобалдык жана аймактык коопсуздук маселелери, Индиянын 2023-жылы Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) жана “Чоң жыйырмалык” тобуна төрагалык кылуусунун күн тартиби талкууланды.

# Талкуудан барып тактык жаралат

**5-июлда КРнын Президентинин администрациясынын маалыматтык саясат кызматынын жетекчиси Дайырбек Орунбеков Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюмунун жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги маселелери боюнча өкүлү Тереза Рибейро менен жолугушту.**

Анда Кыргызстандын медиа тармагында болуп жаткан акыркы өзгөрүүлөр тууралу пикир алмашуу болду. Негизинен, ЕККУ өкүлү “ЖМК жөнүндө” мыйзам долбоору менен учурда таанышып жаткандын жана анын жыйынтыгында өздөрүнүн сунуштарын бере турганын билдирди.

Өз кезегинде Д.Орунбеков аталган мыйзамга өзгөртүү киргизүү учурдун талабы экенин, маалымат таркатуу принциптери жана медиа ресурстарынын өзгөргөнүн, мыйзамдагы өзгөрүүлөр улуттук кызыкчылыктарды эске аларын белгиледи.



“Мыйзам долбоору беш жолу толукталды, жумушчу топ түзүлүп, анын басымдуу бөлүгүн медиа өкүлдөрү түздү. Алардын сунуштары дагы эске алынды. Бул Кыргызстанда сөз эркиндиги, медиа өкүлдөрүнүн орду жогору экенинен кабар берет”, –- деди ал.

Ошондой эле, мыйзам долбоору мааалымат жүргүзүүдө мамлекеттин коопсуздугуна, улуттун моралдык принциптерине коркунуч жарата турган жагдайларга жол бербеши керектиги эске алынганын кошумчалады.

Тараптар жаңы мыйзам долбоору жыйынтыгында медиачөйрөнүн бардык катышуучуларына ыңгайлуу документ болуп каларына ишенимдерин билдиришти.

Т.ИСХАКОВ

Айтыла турган сөз эле

Бетти даярдаган Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"

# Суу кордогон кор болор

**Бишкектин түштүк-батышынан орун алган Арча-Бешик конушунда жайдын алгачкы күндөрүнөн жаралган ичүүчү суу көйгөйү шаардыктардын гана эмес, бүтүндөй кыргызстандыктардын көңүлүн өзүнө бурду көрүнөт.**

Шаар бийлиги ичүүчү суу көйгөйүн эки нерсе: мөңгүлөрдүн эрибегени жана жер алдындагы суулардын тартылышы менен байланыштырып, анын натыйжасында суу кампаларында суу аз топтолгону менен байланыштырып жатышат. "Арча-Бешик конушундагы суунун тартыштыгынын дагы бир себеби, анын тургундары ичүүчү сууну огородду сугарууга да пайдаланып жатышат. Суунун бир күндүк нормасы 170 литр болсо, 1000 литрге чейин жетүүдө" – дешет мэриянын жооптуу адамдары.

Бул маселеге олуттуу маани берүү менен, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек шаарындагы жана Чүй облусунун Аламүдүн районундагы "Орто-Алыш" жана "Башкара-Суу" суу топтоочу жайларынын иши менен таанышып, көйгөйдү комплекстүү чечүү керектигин белгиледи. А.Жапаровдун: "Келээрки жылы дагы абал ушундай боло турган болсо, жыл сайын суунун келишин күтүү убаракерчилик. Суу – адамдын табигый муктаждыгы. Аба ырайынын шарттарына таасирин тийгизбей турган туруктуу каскад форматындагы резервуар болушу керек. Кошумча скважиналарды жана сутиалык бассейндерди каржылоого даярбыз, эсептөөлөрдү жана сунуштарды бериңиздер. Элди суусуз калтыруу мүмкүн эмес", – деп айткандарын ичүүчү суу көйгөйүн жоюунун жолу катары карасак болот. Бардык ээси жок скважиналарды реконструкциялоо үчүн мамлекеттин балансына өткөрүү зарылдыгын да колдоо керек.

Арча-Бешик конушу жаңы түшкөн жылдарда конуштун батыш, чыгышында түштүктөн түндүккө кеткен арык болор



эле. Мындан сырткары конушту аралаган арыктар болуп, анда дайыма агын суу жатчу. Ал убакта ичүүчү суунун түтүктөрү жаңыдан тартылып жаткандыктан, ичүүчү суудан көйгөй болуп, конуштун тургундары агын сууну огород сугарганга эле эмес, кир жууганга да пайдаланышчу. Кийин ошол арыктардын орду участок катары бөлүнүп, жашоочулардын өзүм билемдиги менен баш аламан курулуштарды куруусунан улам, арыктардын нугу толтурулуп, бир кезде жайы-кышы агып жаткан агын суулар жок калды.

Азыр арчабешиктиктер каалайбы же жокпу, алакандай огородун ичүүчү суу менен сугарууга аргасыз. Бул кесирлик же ысырапкерчилик эмес, аргасыз муктаждык. Ичүүчү суу сугат үчүн пайдаланылып жатканы жашыруун эмес. Андыктан, мэриянын ичүүчү сууну сугатка пайдалангандарга айып пулду жогорулатуу, суу эсептегичтерин коюуну Арча-Бешиктен баштоо өңдүү сунуштарын колдосо болот. Бирок, андай болгондо мэрия сугат суу маселесин чечиши керек. Сугат суу маселесин чечпей, ичүүчү сууну сугат үчүн колдонгондорго айып пулду көтөрүп койгондо, баягы эле бечаралар жапа чегет. Себеби, суу текшерип барган комиссияга бийик тосмолордун ары жагында жашагандар эшигин ачса ачат, ачпаса жок. А Арча-Бешиктеги калктын арасында участогун көчө жак бетине тосмо кое албай жашаган жакыр адамдар да бар. Мына ошол жакыр адамдар помидор, бадыраң өзүмдөн чыксын деп огородун тырмалап, бир нерсе эгишет. Тосмосу бийик үйлөрдүн ар бириндe болбосо да, экинчисинде бассейндер бар. Суу огородду сугарганга көп кетеби, же бассейнге көп кетеби, анысын айта албайбыз. Эмнеси болсо да, ичүүчү сууну башка максаттарда пайдаланганы үчүн айып салынса, мындан жакыр жашаган, участогун тосуп албаган жакыр адамдар эле жабыр тартат.

Мындай фактылар да бар. Арча-Бешик конушунда 23 жылдан бери жашаган Мурат аттуу жигит: "Мындан 4-5 жыл илгери Арча-Бешикте бизге кошуна жашаган эженин үйүнө, ичүүчү сууну сугат үчүн пайдаланып жатабы же жокпу, текшере келип, айып пул салып кетишти. Сууну сугат үчүн баарыбыз эле пайдаланчубуз. Болгону калгандарыбыз тегеректетибизди тосуп алганбыз. Эженики гана тосмосуз болчу. Суу текшергендерге отчет эле керек окшойт, чырылдаганына да карабай, айып жазып кетишиптир. Пенсиясы 2 миң сом эле, 4,5 миң айып пул төлөп кутулду.

Чындыгында, ичүүчү сууну сугатка пайдаланууга болбойт. Муну конушта жашаган ар бир тургун айтат. Себеби, хлорлонгон суу жердин кыртышын талкалайт. Жыл сайын кык, кара топурак чачкан болосуң. Бирок, хлор суу өзүнүкүн кылбай койбойт. Алакандай огородго 4-5 миң сомдун органикалык жер семирткичин берген менен, сугатка хлор суу колдонулгандыктан, кайра андан ошончо кайтарым ала албайсың. Айла жок, огород болгон соң, куурай баспасын деп, колдон келгенин жасайсың. Эгер суу эсептегичтери орнотулса, ага кошумча суу үчүн айып пул салса, анда огородго эгип жеген помидордун баасы алтындын баасы менен тең болот. Эгип жегенче, дүкөндөн сатып жегениң арзан түшөт" – дейт.

Илгери биз бала кезде ата-энелерибиз: "Суу кордогон кор болот", "Суунун да убалы болот" деген сөздөрдү көп айтышчу.

Бизде шаарда суу колдонуу маданияты жок. Ичүүчү сууну башка максаттарга колдонууга тыюу салган мэриянын шаардык жашылдандыруу кызматы өзү газон, гүлбактарды сугарганга, жолдорду жууганга пайдаланат. Мындан тышкары, ичүүчү сууну машина жуучу жайларда, мончодо деле колдоно беребиз.

Мындан өткөн ысырапкерчилик, сууга кор мамиле болбосо керек. Демек, мэрия ичүүчү сууну ичүүгө гана колдонгудай система иштеп чыгышы керек. Бардык пайдалануучулар үчүн эсептегичтерди орноткон максатка ылайык жана адилеттүү болмок.

## Аймактар

### • БАТКЕН РАЙОНУ

***Кара-Бак айыл аймагынын Достук айылында негизги жана ички жолдорду асфальттоо иштери жүрүүдө. 2,5 чакырым жолго асфальт төшөп, арыктарды орнотуп, тротуар салууга 54 млн. сом каралган.***

"Кыргызавтожол" мамишканасынын №2-жолдорду тейлөө боюнча райондук мекемесинин билдиргенине караганда, ушул убакка чейин айылдын 500 метр негизги жолуна асфальт төшөлдү. Иштерди бир айдын аралыгында аяктайбыз деп турушат.

### • БАТКЕН ШААРЫ

***Шаардын аймагында вакциналарды сактоо үчүн кампанын курулушу башталды.***

Жалпы аянты 140 кв.метрди түзгөн курулуш үчүн 5 млн. сом каралган. Курулушту "Сүйүнбек ата" компаниясы жүргүзмөкчү. Вакцина сактоочу жайды 6 айдын аралыгында бүткөрүү каралган.

### • КЫЗЫЛ-КЫЯ

***Шаардагы Кыргыз көчөсүнүн 440 метр аралыктагы тилкесин асфальттоо үчүн 4 млн. сом каралган.***

Тендерди «Osh Road» компаниясы утуп алган.

### • ОШ ШААРЫ

***"Сулайман Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексиндеги башкы көргөзмө зал убактылуу жабылды.***

5-июлдан 28-августка чейин оңдоо-калыбына келтирүү иштери жүргүзүлөт.

### • АЛАЙ

***Гүлчө айылынын борбордук бөлүгүндө суу мунарасы курулат. Аны куруунун максаты тургундарды ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу.***

50 куб суу мунарасын курууга 2 млн. 200 миң сом каралган. Тендерге катышкан компаниялардын бири 1 млн. 922 миң 403 сомго сунушун берген.

### • ЧАТКАЛ

***Чанач кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзө турганы белгилүү болду.***

Аталган кен Кичи-Чандалаш кенинин тобуна кирет. Болжол менен 2,8 тонна алтын бар.

### • ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫ

***2-июлда кечки саат 20.20да шаардагы супермаркеттердин алдында массалык мушташ болгон.***

Бул факт шаардык ИИБнин электрондук журналына катталып, 21 жаштагы шаардын төрт тургуну кармалды. Алдын ала тергөө маалыматы боюнча мушташ келишпестиктен келип чыккан.

### • КОЧКОР

Сөөк жайлоосуна кеткен жолду оңдоо-түзөө иштери башталды. Аталган жайлоого райондогу айылдардан 69 малчы жайлоого чыгышат. Жол союз убагынан бери оңдолгон эмес. Азыркы учурга карата 32 чакырым жолдун 24 чакырымы оңдолду.

### • АТ-БАШЫ

***Райондо ЖРТдан жогорку балл алышкан мектеп бүтүрүүчүлөрүн сыйлоо аземи өттү.***

2023-жылдагы тесттин жыйынтыгы боюнча райондун 54 бүтүрүүчүсү жогору баллдарды алса, алардын арасынан Г.Назарова 226 балл, дагы тогузу 200дөн жогору балл алышкан. Төрт бүтүрүүчү "Алтын тамга" аттестатына ээ болушкан.

### • ТҮП

***Райондо жайдын келиши менен жылкыларды жана бодо малдарды идентификациялоо иштери жүрүүдө.***

Бруцеллезго карата анализ алынып, чип басылууда.

### • ЖЕТИ-ӨГҮЗ

***Райондун аймагында чөп жыйноо иштери жүрүүдө.***

Көп жылдык чөптүн түшүмү жылдагыдан аз болгондуктан, талаада сатылган бир түк чөптүн баасы 270-280 сомго чыккан.

### • ЧҮЙ

***"Бурана" мунарасында "Тайганфест" этнофестивалы өттү. Анын максаты улуттук мурастарды жана баалуулуктарды сактап калуу.***

Ага өлкөнүн ар бурчунан келген 80 тайган катышкан. 2019-жылдагы маалымат боюнча өлкө аймагында 2300 тайган бар. Тайгандын күчүктөрү 600 долларга, чоңдору 5 миң долларга чейин бааланат.

### • ТАЛАС ШААРЫ

***Шаардын көчөлөрүндө жолдорду асфальттоонун биринчи этабы башталды.***

Жалпысынан 30 чакырым бордордук жана ички жолдор асфальтталып, 20 чакырым тротуар жаңыланат.

### • ТАЛАС

***Президенттин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Нурлан Дарданов бир катар ооруканалардын абалы жана медициналык кызматкерлердин калкка кызмат көрсөтүү ишинин сапаты менен таанышты.***

Быйыл Талас облустук бириккен оорукананын кардиология бөлүмүнүн ремонтуна 6,4 млн. сом жана Манас райондук ооруканасынын оңдоо-түзөө иштерине 4,5 млн. сом каралган.

Нарынкүл НАЗАРАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"

Дүйнөдө

# Диний ишеним корголууга тийиш

**Дүйнөдөгү бардык мусулмандардын Курман айт майрамы белгиленип жаткан күнү 37 жаштагы теги ирактык качкын Салван Момика Стокгольмдогу башкы мечиттин алдында ыйык Куранды өрттөгөн.**

Муну менен быйыл Швецияда Куран экинчи жолу өрттөлдү. Стокгольмдун полициясы коомдо наразычылык башталып кетпөөсү үчүн Момиканын акциясын кайтарып турушту. Бул боюнча көптөгөн өлкөлөрдө терс реакция болду. Мамлекет башчылары да пикирлерин билдиришти. Атап айтсак, Өзбекстандын президенти Ш.Мирзеёв: «Биз улуттардын жана элдердин диний баалуулугун урматтабаган ар кандай радикалисттик, экстремисттик формадагы көрүнүштөргө караманча каршыбыз. Швециядагы ыйык Куранды өрттөгөн кыянатчылыкты чечкиндүү айыптайбыз. Жер жүзүндөгү миллиондогон элдин эң асыл диний сезимин кемсинткен окуяларга жол берилбеши керек», – деп билдирди.

Ал эми Ирак бийлигинин билдирүүсүндө, Швецияда дүйнө мусулмандарынын ыйык китебин табалап кордогон актылар бул биринчи эместигин, аны ар бир жолу экстремисттик көз караштагы, психикасы жинди чалыш, оопай адамдар жасап жатканы айтылды.

Ошол эле күнү БАЭ, Иордания жана Ирактын тышкы иштер министрликтери Швециянын өз өлкөлөрүндөгү элчилерин чакырышып, бул окуяга



каршылыгын билдиришти. 29-июнда Багдад шаарынын манифестанттары Швециянын элчилигинин аймагына кирип барышып, чектен чыккан мындай окуяга каршы наразычылык акциясын өткөрүшкөн. Ирак бийлиги Швециядан Момиканы экстрадициялоону талап кылды. Андан тышкары, бир нече мамлекеттерде наразычылык жүрүштөр өттү.

Ага улай эле Марокконун бийлиги Швециядагы элчисин консультацияга чакырып алып, ал эми Рабаттагы Швециянын элчисине чалып, Стокгольмдогу окуяны түшүндүрүп берүүсүн өтүндү. «Мусулмандар ыйык Меккеде зыярат кылышып, Курман айт майрамдалып жаткан улуу күндө миллиарддан ашык бир диндеги калктын сезимине кайрадан бүлүк салып шылдыңдаган, жоопкерчиликсиз акт болуп эсептелет», – деген билдирүү таратты. Ошону менен бирге Марокко, мындай провокациялык кылмыштар Швециянын өкмөтүнүн жактыруусу менен болуп жатканын айыптады.

Адегенде полиция С.Момиканын кылмыштуу акциясына коомдо башаламандык болуп кетүү кооптуулугу бар деп макулдук берген эмес. Бирок, акциянын уюштуруучулары апелляциялык сотко кайрылып, сот алардын суроосун мыйзамдуу деп тапкан. Ошондон эки апта өткөндө полиция ыйык китепти өрттөө акциясына макулдук берген.

Ушул жылдын январь айында Стокгольмдогу Түркиянын элчилигинин алдында ушундай эле окуя болгон. Анда Даниянын ультура оңчул саясатчысы, ислам динине каршы «Катуу курс» деген партиянын жетекчиси Расмус Палудан Куранды өрттөгөн болчу. Ал окуядан улам эки жума бою Стокгольмдо элдин наразычылык акциялары болуп турду. Анда Түркия Швециянын товарларына бойкот жасоого чакырган жана бул өлкөнүн НАТОго кирүүсүнө каршы болгон.

Эл аралык коомчулук дүйнөдөгү ар кандай диний конфессиялардын, түрдүү улуттардын окшош ишенимдерин кадырлоо милдети БУУга мүчө болгон бардык мамлекеттерге тиешелүү экенин билдирген.

Жакында Россиянын мамлекеттик Думасы ислам баалуулуктарына каршы келген мындай шойкомдуу акция демократия жана сөз эркиндиги сыяктуу принциптер менен коошпостугун айыптаган билдирүү таратты.

Өлкөдө

# Коомубуз ата ысымын алуудан адашпайт

**Бир аптадан бери "матчество" маселеси социалдык тармактардын талкуусунан түшө элек.**

Совет жылдарында чоң атанын ысымын фамилияга алып, эркек бала "ов", кыз бала "ова", атасынын ысымын "отчествого" алып, эркек бала "ович", кыз бала "овна" болуп көнүп калганбыз. Бул улуттук салтыбызга, уруу тарыхын сүрүштүрүүгө, атанын кадырын жогору коюу наркыбызга каршы болбогондуктан жашообузга сиңип кеткен. Эгемендүүлүк жылдарынан кийин балдарга "уулу","кызы", "тегин" деген аталыштар уланып айтыла баштаган.

Ал эми жарандык активист Алтын Капалова 3 баласынын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрүнө өзүнүн фамилиясын да, "отчествосун" да берип, "матчество" калыбында өзгөртүп алган. Капалованын бул ишине каршы болуп, Мамлекеттик каттоо кызматы аны 2021-жылдын январында сотко берген. Ал эки жарым жылдан бери беттегенин бербей, соттук инстанциялардан утулуп келе жаткан соң, үч ай мурда Конституциялык сотко кайрылган.

Кыргыз Республикасында балага ат коюп, фамилия ыйгаруу "Жарандык абалдын актылары жөнүндө" мыйзам, Үй-бүлө кодекси аркылуу жөнгө салынат. Аларга ылайык, балага бардык учурда эркек адамдын: атасынын, чоң атасынын, таятасынын, өгөй атасынын же асырап алган адамдын фамилиясынын бири берилет.

Капалова балдарынын аталары алимент төлөшпөгөнү менен, ысымдарын "матчествого" алмаштырууга каршы болушканын айткан.

30-июнда Конституциялык соттун коллегиясы баланын документиндеги "атасынын аты" деген графага апасынын атын жаздырууга болот деген чечим чыгарды. Мындан ары 18 жашка толгон ар бир жаран атасынын же апасынын фамилиясын алууну өзү тандай алмак болду. А.Капалова фейсбуктагы баракчасында: "Ура, эми менин уулум 16 жашка чыгып паспорт алганда, Капалов Данияр Алтынович болуп жазыла алат", – деп жазды. Анын айтымында, мындан ары ар бир кыргызстандык энесинин ысымын алууга укугу бар.

Конституциялык сот: "Укуктук боштукту толуктоо багытында аракеттеги укуктук жөнгө салууларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. Анда текшерүүнүн алкагында талаштуу нормалар табылып, матроним (матчество) институту четке чыгарылып калган. Бул жыныстык белгилерге карата дискриминациялоо, тең укуктуулук принциптерине тыюу салуу жана жарандын отчествону же матчествону тандап алуу укугунун бузулушуна шарт түзөт", – деп тапкан. Конституциялык соттун чечими – акыркы чечим. Конституциялык сот Министрлер кабинетине тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тапшырма берди.

Бирок, Конституциялык сот ымыркайга төрөлгөндө эле апасынын аты-жөнүн ыйгаруу боюнча А.Капалованын арызын канааттандырган жок. Эми феминистка айым бул максатына жетүү үчүн эл аралык сотторго кайрыла турганын билдирип жатат.

Кыргыз коомчулугунда абдан талаштуу болуп жаткан бул маселеде КРнын Мамлекеттик катчысы С.Касмамбетов балага энесинин ысымын берүүгө каршы экенин билдирди. Ошондой эле Кыргызстандын муфтийи Замир Ракиев: "Баланы эне жарык дүйнөгө алып келери анык. Бирок, исламда ымыркайга атасынын аты ыйгарылат. Адам атадан бери келе жаткан бардык муун, бардык мамлекеттерде уулга да, кызга да атасынын аты берилет. Кыргызда жети атасына чейинки ата-бабалардын ысымын жатка айтуу салт болуп калган. Ал эми апасынын атын алган балага айлана чөйрөсү тарабынан дискриминациялоо болуп, психологиялык жактан жабыркашы ыктымал. Мусулман катары, жаран катары, баланын ар кандай шектүү иштерге туш болуусунан коргошубуз керек. Мындай коопту демилгелер улуттун жок болуусуна алып барышы толук ыктымал" , – деди.




Ал ортодо АКИ-пресс агенттиги жүргүзгөн сурамжылоодо "матчествого" каршы 81,7, аны колдогондор 11,4 пайызды түздү. Албетте, коомдо "күкүк аталар" да аз эмес. Кыргыз коомчулугуна таанымал болгон кино жана театр актеру: "Биз 4 бир туугanбыз. Апам менен атам кичине кезибизде ажырашып кетиптир. Атамды эч качан көрбөй жүрүп, эр жетип үйлөнүп, балалуу болуп калганда жолуктум. Атам менин кинодогу аткарган ролумдан көрүп алып: "Милициянын ролун ойноп жаткан менин балам болуш керек. Кино бүткөндө титрден фамилиясын көрөлү", – деп, өзүнүн атын окуганда абдан кубанып сыймыктаныптыр", – дейт. Алиги 11,4 пайыздын ичине ушундай "күкүк" аталардан көңүлү калгандар добуш берген болуу керек.

Жан дүйнөдө

# Боорукерлик – мыкты сапат

**Күн кечтеп калган. Такси компаниясынын айдоочусу 34 жаштагы Акылбек Өмүрзаков кафеден жүргүнчү келиндин заказы менен үйүнө жеткирип баратты.**

Бир убакта күзгүдөн артын карап, келиндин приступу кармап, өңү бозоруп, эсин жоготуп баратканын байкап калды. Ал машинени М.Мамакеев атындагы улуттук хирургиялык борборду көздөй айдап жөнөдү. Окуя шаар калкы жумуштан кайткан учурга туш келип, жол абдан тыгын болуп турган. Анын шаштысы кетип жатып, тыгындан эптеп бошонуп, ооруканага жетип келди. Акылбек оорукананын кире беришине жете келип, дарыгерлерди чакыра баштады. Көчөдөн



өтүп бара жатып көрүп калган адамдар да келинди машинадан түшүрүүгө жардам берип жиберишти.

Аңгыча оорукананын корпусунан ак халатчандардын бир-экөөсү жетип келишти. Ал жерде турган эркектер болуп баарылап, оорукананын кабыл алуу бөлүмүнө көтөрүп кирищти. Ошол күнү ооруканада башкы дарыгердин орун басары Азамат Турсуналиевдин түнкү дежурлукка кезеги экен. Анын айтымында, келин абалы эпилептикалык приступ болуп түшкөнү үчүн эсин жоготуп жатыптыр. Дарыгерлер ага ийне сайып, тамчылатма куюп, алты саат бою ак халатчандардын көзөмөлүндө жаткан. Абалы оңолгондо үйүнө чыгарышкан.

Училтик

Билим

# «Алтын сертификаттын» ээлери эмне дешет?

Кызжибек ЖЭЭНБЕКОВА:

## “Жогорку балл алуу үчүн өзүңө ишенишиң керек”



***Ош шаарындагы, №4 С.Киров атындагы орто мектебинин бүтүрүүчүсү Кызжибек Жээнбекова Кыргызстан боюнча ЖРТдан эң жогорку 236 баллды алды.***

– Жогорку балл алууга 11-жыл бою окуткан мугалимдердин салымы чоң. Өзүм да 1-класстан тарта жакшы окудум. Ата-энем экөө тең дарыгер. Менда бала кезимден эле дарыгер болгум келчү. Буюрса, ушул кесипке тапшырганы жатам. Ал эми окуучуларга кеңешим мектепте жакшы окугула. Жогорку балл алуу үчүн каалоо, аракет жана өзүнө болгон ишеним күчтүү болушу керек.

Нурислам АБДИСАМАТОВ:

## “Кореядан окуйм”



***Жайыл районунун Ново-Николаевка айылынын Жайыл Баатыр атындагы жалпы билим берүү лицейинин бүтүрүүчүсү Нурислам Абдисаматов 230 балл алган.***

– ЖРТга жылдын башынан тарта аябай даярданып баштагам. Бирок, “Алтын сертификат” алам деп ойлогон эмесмин. Азыркы актуалдуу кесиптердин бири IT тармагын тандадым. Кореянын жогорку окуу жайларынын бирине тапшырдым. Ошондой эле Кыргызстандагы да университеттерди байкаштырып жатам. Келечекте кыргыздын керегине жараган уулдардын катарын толуктагым келет. Мектеп окуучуларына айтарым, алдыга максат коюп ага жетүүгө аз-аздан болсо да аракет кылгыла. Багытыңар түз болсо, ойлогон оюңарга сөзсүз жетесиңер.

Кайрат Кубатов:

## “Өспүрүмдөр иштебей, окуш керек”



***Чүй облусунун Ч.Айтматов атындагы №1 Новопавловка окуу-тарбия комплексинин бүтүрүүчүсү Кайрат Кубатов 221 балл алган.***

– Мен, программист кесибинин эсси болгум келет. Атамда программист болгондуктан бул тармакта азда болсо тажрыйбам бар деп айталам. Бул кесипке кызыгуум күч. Буюрса, Борбор Азия университетинде билим алам. Азыр өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү акча тапкысы келет. Официант болуп иштеген окуучулар көп. Менин оюмча, бул туура эмес, окуучу сабагынан алагды болбошу керек. Сапаттуу билим алып, келечекке бекем пайдубал түптөй алса бул анын жеңиши. Анткени, сапаттуу билим, мыкты жумуш жогорку маяна болуп бере алат деп эсептейм.

Кыялбек АКМАТОВ:

## “Балл алууда социалдык абал да маанилүү”



***Билим берүү жана илим министирлигинин мектептеги билим берүү жана китеп чыгаруу саясаты башкармалыгынын башчысы Кыялбек Акматов буларды айтып берди.***

–“ЖРТдан жогорку балл алгандардын көпчүлүгү орус мектептен, ал эми элеттеги бүтүрүүчүлөр аз алып жатат” – деген пикирлер көп айтылууда. Бул деген орус мектепте жакшы билим берет, кыргыз мектепте начар билим берет дегенге жатпайт. Орус мектептин көпчүлүгү борбордо, райондордо жайгашкан. Булар шаарда болгондуктан окуудан башка алектене турган жумушу жок. Ата-энелер да балдарын ар кандай курстарга алып барышат. Балдардын окуусуна көбүрөөк мүмкүнчүлүк түзүп берет. Ал эми айыл жеринде окуучулар мектептеги даярдык менен гана чектелишет. Эмне себептен айыл жериндеги окуучулардын аз балл алганынын бир ыктымалдуулугуда ушунда болушу мүмкүн.

Бул жерде окутуунун тилинен көз каранды эмес, болгону ошол социалдык абал, чөйрө, жагдай-шарт буга өзүнүн таасирин тийгизет. Мектептен сырткары баланын билим алуусуна ата-эне да кызыкдар болушу зарыл.

## "Алтын сертификатка" ээ болгон 54 бүтүрүүчү



***2023-жылы Жалпы республикалык тесттин жыйынтыгы боюнча 29 миң 799 катышуучунун 58,3 пайызы 110дон жогору балл алды. Тестке өлкө боюнча 51 миң 73 адам катышкан. Анын ичинен 54 бүтүрүүчү "Алтын сертификатка" ээ болду.***

Тизмеге ылайык, Бишкек шаарынан – 39, Ош шаарынан жана Ош облусунан – 4, Чүй облусунан – 2, Ысык-Көл облусунан – 2, Нарын облусунан – 2, Баткен облусунан – 2, Талас облусунан – 2, Жалал-Абад облусунан – 1 окуучу "Алтын сертификат" алды.

Бул жылы тесттин максималдуу көрсөткүчү – 236 балл, орточо – 121,8 балл жана эң азы – 29 баллды түздү.

Бүтүрүүчүлөрү жогорку балл алган мектептердин сап башында Е. Б. Якирдин атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицейи турат, мында 7 бүтүрүүчү “Алтын сертификат” алган.

Кыскача

## «Манас» эң алдыңкы 900 университеттин катарына кирди

***Кыргыз-Түрк «Манас» университети QS 2024 World University Rankings рейтингинде эң алдыңкы делген 900 университеттин катарына кирди.***

КТМУнун бул рейтингдеги туруктуу көрсөткүчтөрү анын дүйнөлүк деңгээлдеги билим берүүгө, илим изилдөөгө жана жаңы инновациялар үчүн жандуу чөйрөнү түзүүгө умтулгандыгынын далили болуп саналат. Бул КТМУну Кыргызстанда жана Борбор Азияда гана эмес, дүйнөлүк аренада да таасирдүү билим берүү мекемеси катары калыптанганын көрсөтүүдө



Кыргыз-Түрк «Манас» университети интеллектуалдык өнүгүүгө жана билим берүү сапатын жакшыртууга умтулууда. Дүйнөдөгү эң мыкты 900 университеттин катарына кирген КТМУ өзүнүн интеллектуалдык күчүн жана билимге болгон аракетин жогорку деңгээлдеги ишке ашыруу планын улантууда.

Quacquarelli Symonds агенттиги университеттердин эң абройлуу глобалдык рейтингдеринин бири болуп эсептелген QS World University Rankings рейтингин түзөт. «Быйыл рейтингге 154 өлкөдөн 2963 университет катышкан. Жыйынтыгында 1503 ЖОЖ тизмеге кирген.

## Канча балл менен университетке кирсе болот?

***Билим берүү жана илим министрлиги 2023-2024-окуу жылында жогорку окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алуудагы босого баллды бекитти.***

Жогорку окуу жайларга гранттык негизде жана келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тесттин босого баллы жылдагыдай эле 110, предметтик тесттердики 60 бойдон калтырылды.



Ал эми педагогика багыттары боюнча бюджеттик орунга тапшыра тургандар үчүн негизги тесттин босого баллы 115, предметтик тест 60 болуп бекиди. Акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тест боюнча – 110, предметтик тест – 60 балл.

I жана II топтогу майыптыгы бар жарандарды кабыл алуу үчүн (медициналык жана фармацевтикалык адистиктерден тышкары) бюджеттик орундарга негизги тест 105, келишим боюнча акы төлөнүүчү окутуунун бардык формаларына негизги тест 100 балл болуп бекитилди.

Бетти даярдаган Асель РАМАНКУЛ кызы, “Кыргыз Туусу”




**Даярдаган Кенже ОСМОНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"**

## Заманбап пляждар курулат

***Ысык-Көлдө коопсуздуктун белгиленген стандарттарына жооп берген үч муниципалдык пляжды куруу пландалууда.***

Учурда заманбап инфраструктуралык талаптарга жооп берген пляждык аймактарды куруу долбоору иштелип чыгып, аларды Чолпон-Ата шаарында, ошондой эле Чоң-Сары-Ой, Кара-Ой айылдарында куруу пландалууда.

## Социалдык долбоордун жетишкендиги

***2023-жылга чейин социалдык контракт долбоорунун 7500дөн ашык катышуучусу айыл чарба тармагында бизнес ачышты. Мындай маалыматты Эмгек , социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги билдирет.***

Министрликтин маалыматы боюнча 7,1 миң үй-бүлө мал чарбачылык тармагында өз ишин баштаса, өсүмдүк өстүрүү тармагында 120 долбоор, балчылык боюнча 118 долбоор ишке ашырылууда. Жалпысынан 20 күнөскана жана 70 канаттуулар фабрикасы ачылган, балык чарба тармагында алты долбоор ишке ашырылууда.

Ошону менен бирге, социалдык контракттын катышуучулары үч жыл бою социалдык жөлөк пул алуу укугунан ажырап, алар өз алдынча ишкана ача турган болсо салык төлөөгө же патент алууга милдеттүү. Эске салсак, социалдык контракт долбоору Кыргызстанда 2022-жылдан бери ишке ашырылып келет. Мамлекет программанын алкагында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жеке бизнесин ачуу үчүн 100 миң сомдон бөлүп берет.

## Кыргызстанда тамак-аш кымбатпы?

***Кыргызстан Евразия экономикалык биримдигинде (ЕАЭБ) айыл чарба продукциясынын баасы кымбаттаган жалгыз өлкө болуп чыкты. Мындай маалыматты Евразия экономикалык комиссия (ЕЭК) билдирди.***

Маалым болгондой, ЕАЭБ боюнча үстүбүздөгү жылдын май айында 2022-жылдын декабрына салыштырмалуу айыл чарба продукциясынын баасы 2,6%га, дыйканчылык продукциясынын баасы 2,2%га, мал чарба продукциясынын баасы 2,7%га төмөндөгөн. Ошону менен бирге, декабрь айына салыштырмалуу айыл чарба продукциясына баанын төмөндөшү байкалган:

– Арменияда 10,5%;
– Беларуста 5,4%;
– Казакстанда 3,5%;
– Россия 2,3%га.

## Унаа катализатору азырынча экспорттолбойт

***Министрлер кабинети колдонулган катализаторлорду, ошондой эле алардын курамындагы шлактарды, күлдөрдү жана баалуу металлдардын калдыктарын экспорттоого тыюу салууну дагы жарым жылга узартууну каалайт. Токтом долбоору коомдук талкууга коюлду.***

2019-жылы катализаторлорду, шлактарды жана металлдарды камтыган калдыктарды, ошондой эле интеграцияланган катализатору бар глушителдерди жана чыгаруу түтүктөрүн экспорттоодо жогорку өсүш байкалгандыгына байланыштуу 2021-жылдан тарта экспортко тыюу салынган. Андан ары эки жылдын ичинде, тыюу мезгил-мезгили менен узартылган. Документте ошондой эле киргизилген тыюулардын натыйжасында катализаторлордун үчүнчү өлкөлөргө экспортунун көлөмү азайганы белгиленген.

Катализатор унаанын газ чыгаруу системасына кирген эң кымбат элементтердин бири болуп саналат. Анын баасы унаанын наркынын 13%ына жетет. Анын курамында баалуу металлдар – платина, родий же палладий туздары бар. Дүйнөдө палладийдин баасы анын жетишсиздигинен улам кымбаттады. Бул металлга болгон суроо-талаптын өсүшүнөн улам автоунааларга экологиялык талаптардын катаалданышына байланыштуу. Бул авто унаалардан баалуу металлдарды камтыган катализаторлорду өз ыктыяры менен алып кетүү жана уурдоо фактыларынын көбөйүшүнө алып келүүдө.

## Кыргызстанга арзан жана тез спутник байланышы келет

***Кыргызстанда жогорку ылдамдыктагы кең тилкелүү интернетке кирүү үчүн Starlink глобалдык спутник системасын ишке киргизүү 2024-жылга жылдырылды. Муну компаниянын сайтындагы картадагы маалыматтар тастыктап турат.***

Starlink системасы америкалык ишкер, инженер жана миллиардер Илон Маскка таандык Spracex компаниясы тарабынан орнотулууда. Программа бүткүл дүйнө боюнча интернет байланышын жакшыртууга жана кеңейтүүгө багытталган. Эске салсак, Spacekh компаниясынын өкүлдөрү Кыргызстанга 2021-жылдын июнь айында келишкен. Тармактын өзүн 2023-жылы ишке киргизүү пландалып, бирок белгисиз себептерден улам дагы бир жылга жылдырылды. Учурда Кыргызстан Борбордук Азиядагы Starlinkтин ишке кирген күнү белгилүү болгон жалгыз өлкө.

## Электрондук коммерция өнүгүүдө

***Эл аралык E-com C-2023 форумунда «Яндекс Delivery» компаниясынын КМШдагы региондук өнүктүрүү боюнча директору Алибек Есов Кыргызстанда сервистин ишке кириши тууралуу айтып берди.***

Электрондук коммерция экономиканын эң тез өнүгүп келе жаткан тармактарынын бири. 2022-жылы ЕАЭБде 88 миллиард доллардан ашкан электрондук сооданын жалпы көлөмү мунун ачык далили. Россиянын, Түркиянын жана Кытайдын ири базарларынын географиясынын Борбор Азиянын аймагына кеңейиши азыркы өнүгүү этабынын өзгөчөлүгү болду. Wildberries, Ozon, Alibaba жанаTrendyol сыяктуу алдыңкы оюнчулар Кыргызстандын рыногун потенциалдуу жагымдуу рыноктордун бири катары көрүшөт. Бүгүнкү күндө Экономика министрлигинин маалыматы боюнча, Кыргызстанда электрондук соодага тиешелүү 257 сайт бар. Соодада мындай багытты өнүктүрүү электрондук коммерцияга тартылган инфраструктураны өнүктүрүүнү шарттайт

## 5Gга зарылчылык жок дешет эксперттер

***Бишкекте телефондордун 10%дан азы 5Gни колдойт. Бул тууралуу Beeline компаниясынын Кыргызстандагы башкы директору Андрей Пятахин билдирди.***

Эксперттин айтымында, 5G – бул түзмөктөр ортосунда маалымат алмашууну абдан тез жүргүзүүгө мүмкүндүк берген технология. Чындыгында, бул адамдар үчүн эмес, ал машина, технологиялар үчүн көбүрөөк пайдалуу. Кошумчалай кетсек, Кыргызстанда аны ишке ашырууну талап кыла турган ири долбоорлор жок. Ал эми ишке ашса, 4G өнүгүүсү токтоп калышына алып келет. «Биз Кыргызстанда 5Gни колдогон канча телефон бар экенин карап чыктык. Бишкек шаарында деле бул көрсөткүч 10%га да жетпейт экен. Ошондуктан 5G киргизүү эртең ишке ашырылышы керек болгон зарылчылык деп айтууга болбойт" деди Пятахин.

## Экспорттун наркы алтындын эсебинен өсүүдө

***Быйыл январь-апрель айларында Кыргызстандын тышкы соодасы Швейцарияга алтын сатуунун көбөйүшүнүн эсебинен 25,5%га өстү.***

ЕРӨБнын маалыматы боюнча, тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн кеңейиши экспорттун 18,9%га жана импорттун 26,8%га өсүшү менен шартталган. Белгиленгендей, экспорттун наркынын өсүшү негизинен Швейцарияга алтынды берүүлөрдүн көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

Кошумчалай кетсек, Кыргызстандын ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорту 9%га өскөн. Импорттун өсүшү негизинен соода өнөктөшүнүн ички карантиндик чектөөлөр жеңилдегенден улам Кытай менен сооданын активдешүүсү менен шартталган.

## Транспорт коридору жанданууда

***Кытай-Кыргызстан транспорт коридору аркылуу өзбекстанга экинчи жүк поезди жөнөтүлдү.***

Маалыматка ылайык, поезд Кытайдын Лангфан станциясынан 4-июлда жөнөп кеткен. Ал Ташкентке 12 күндө жетет. Поезд курулуш материалдары жүктөлгөн 40 вагондон турат.

Жаңы мультимодалдык коридор боюнча жүк ташуулар темир жол менен Кашкар станциясына чейин жөнөтүлөт. Андан ары жүк кайра жүктөлүп, автотранспорт менен Ош темир жол станциясына жеткирилет. Ош станциясынан Ташкентке чейин жүк ташуучу поезд менен темир жол аркылуу жеткирилет.

9-июнда Кытайдын Ланчжоу станциясынан Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан транспорт коридору боюнча биринчи поезд жөнөтүлгөн. Кытай Кыргызстандын аймагында темир жолдун курулушун күтпөстөн, Кыргызстан аркылуу Өзбекстанга соода жолун жандандырды.

Профсоюз – эмгек, укук



**КР Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин борбордук комитетинин төрагасы А.Т.ТОКТОГУЛОВ кабарчыбызга тармактагы проблемалар жөнүндө кеңири маек куруп берди.**

## Асылбек ТОКТОГУЛОВ:

# “Милдетибиз – билим бе укугун коргоо жана 

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, “Кыргыз Туусу”**

***– Асылбек Токтогулович, мектептерде, окуу жайларда каникул башталып, мугалимдер эс алууга чыгышты жана сиздердин кесиптик бирликтин борбордук комитетинде мугалимдерди эс алдыруу иш-чарасы башталды...***

– Негизинен Билим берүү кызматкерлеринин ден-соолугун чыңдоо жана алардын эс алуусу эки булактан: – кесиптик бирликтин өз каражатынан жана эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун (ФОТ) эсебинен каржыланат.

Ар жыл сайын окуу жылынын аякташы менен Борбордук комитет алдын-ала макулдашылган графиктин негизинде бүт өлкө боюнча билим берүү кызматкерлеринин – кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн ден-соолугун чыңдоо жана эс алдыруу багытындагы иш-аракеттерин уюштуруп келет.

Жылдагыдай эле өткөн 2022-жылы дагы кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн ден-соолугун чыңдоого жана эс алдырууга “эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондунун (ФОТ)” эсебинен санаторийлерге – 1500; эс алуу жайларына – 472; балдарды эс алдыруу борборлоруна – 3161; студенттер үчүн профилакторийлерге – 300 жолдомо бөлүнүп берилип жалпы 5 433 жолдомонун негизинде 7 877 кызматкер жана балдар эс алууга мүмкүнчүлүк ала алышкан.

Жыйынтыгында эс алуучуларга каралган каражаттын жалпы суммасы 85 млн. 361 753 сомду түзгөн. Бул каражаттардын эсебинен кесиптик бирлик мүчөлөрү негизинен санаторий-профилакторийлерге, эс алуу жайларына жана балдарды эс алдыруу борборлоруна бара алышкан. Эс алуучулар негизинен Ысык-Көлдүн жээгине жайгашкан «Красная гвоздика», “Санат” ден соолукту чыңдоо борборлорунда, «Байтерек» эс алуу жайында жана “Көгүлтүр Ысык-Көл” санаторийинде жайгаштырылган.

Үстүбүздөгү 2023-жылы болсо өз мүчөлөрүбүздү 98 454 823 сом каражатка эс алдыруу пландаштырылып жатат.

***– “Мугалимдин статусу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө” мыйзамдардын алкагында аткарылып жаткан практикалык иш аракеттер туралуу айта кетсеңиз?***

– Өлкөбүздө билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин укуктук абалын жакшыртууну камсыз кылуучу шарттарды түзүп берүүгө, аларды социалдык жактан коргоо кепилдиктерин ишке ашыруу максатында ар үч жыл сайын Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитети менен Билим берүү жана илим министрлигинин ортосунда эки тараптуу макулдашуу кабыл алынат. Адаттагыдай эле бул эки тараптуу макулдашуу өткөн жылы 2022-2025-жылдар үчүн кабыл алынды.

Макулдашуунун негизинде тараптар билим берүү кызматкерлеринин укуктук, социалдык жана экономикалык кызыкчылыктарын жакшыртуу жана коргоо багытындагы иш-аракеттерди уюштуруп келет.

Мисалы, 14.01.2001-ж. кабыл алынган “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзамдын 8-беренесинде “Социалдык жактан камсыз болуу укугу: Мамлекет мугалимди анын репродуктивдик функциясына байланышкан эмгектик, турмуш-тиричиликтик жана социалдык жеңилдик шарттары менен камсыз кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жаш адистерге турак жай аянтын күтүү жана коммуналдык тейлөө боюнча эксплуатациялык чыгымдарын төлөөдө жеңилдиктерди же жекече турак жай курулушуна процентсиз ссудаларды бере алат” – деп аныкталган.

Буга ылайык, Билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитетинин багыттоосу менен аймактарда үч тараптуу макулдашуулардын (район/шаардык билим берүү бөлүмү, райондук администрация жана кесиптик бирликтин райондук комитети) ортосундагы макулдашуунун негизинде натыйжалуу иштер аткарылып келүүдө. Мисал катары үстүбүздөгү жылдын ичинде ишке ашырылган учурлардын айрымдарын келтирүүгө болот.

### Чүй облусунда

Аламүдүн районунда: Гроздь айыл аймагында 1 мугалимге турак жай аянты бөлүнүп берилген; Лебединовка айыл аймагы тарабынан билим берүү уюмдарында иштеген 166 мугалимге 3 миң сомдон жалпы 498 миң сомго, Ала-Арча айыл аймагында 84 мугалимге 168 миң сомго, ал эми Ленин айыл аймагында 137 мугалимге 411 миң сомго көмүр алынып берилген – жалпысынан көмүр 387 мугалимге 1 млн. 770 миң сомго алынган;

– Ичүүчү суу боюнча төлөмдөрдөн бошотуу: Маевка айыл аймагында 35 мугалим, Аламүдүн айыл аймагында 48 мугалим, Ала-Арча айыл аймагында 51 мугалим, Гроздь айыл аймагында 38 мугалим – бардыгы 172 мугалим ичүүчү суу боюнча төлөмдөрдөн бошотулган; муну менен катар эле Ала-Арча айыл аймагында 51 кызматкер, Маевка айыл аймагында 35 мугалим – жалпысынан 86 кызматкер таштанды боюнча төлөмдөрдөн бошотулган; кадр маселесин чечүү максатында алыс жакта жашап ишке келип жаткан мугалимдерге Ленин айыл аймагында 66 миң сом, Октябрь айыл аймагында 140 миң сом – жалпы 206 миң сом жол чыгымдары үчүн бөлүнгөн; жалпысынан социалдык өнөктөш болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Аламүдүн району боюнча 1 млн. 870 миң 865 сом социалдык жактан муктаж болгон билим берүү кызматкерлери үчүн бөлүнүп берилген;

Ысык-Ата районунда: Кант шаарындагы бардык билим берүү уюмдарында иштеген кызматкерлерге (мугалим жана техперсонал) коммуналдык чыгымдарын төлөө үчүн (2011-жылдан баштап) ар бирөөнө 5 миң сомдон каражат, жалпы жыл ичинде 4 млн. сом акча бөлүнүп берилген;

Москва районунда: Район ичиндеги билим берүү кызматкерлерине жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2022-жылы 2 млн. 500 миң сом акча каражаты коммуналдык чыгымдарды төлөө үчүн каржыланган;

Жайыл районунда: Красновосток, Талды-Булак, Сары-Коо, Сосновка айыл аймактарында алыстан келип иштеген мугалимдердин жол акылары төлөнүп берилет; Кызыл-Дыйкан айыл аймагында 7 мугалимге жана 2 техникалык кызматкерге убактылуу жашоого бекер социалдык турак жай берилген; Полтавка, Степное, Талды-Булак, Сары-Коо айыл аймактарында айрым мугалимдер таза суу үчүн төлөмдөрдөн бошотулган;

Токмок шаарында: мэриянын турак–жай фондунан профсоюздун жардамы менен 4 билим берүү кызматкерине бекер батирлер бөлүнүп берилген;

Чүй районунун жалпы дарыгердик практика борбору менен атайын түзүлгөн графиктин негизинде ар бир окуу жылынын башталышына карата бардык билим берүү кызматкерлерин бекер медициналык кароодон өткөрүү жүргүзүлөт;

### Ысык-Көл облусунда

Жети-Өгүз районунда: Жаргылчак, Жети-Өгүз, Барскоон, Ырдык, Липенка, Оргочор, Кызыл-Суу, Светлая Поляна айыл аймактарындагы билим берүү кызматкерлеринин ар бирине 1000 сомдон, ал эми Тамга айыл аймагында билим берүү кызматкерлерине 2000 сомдон жергиликтүү бюджет тарабынан коммуналдык чыгымдарды төлөөгө каралган;

Каракол шаарында: мугалимдерине коммуналдык төлөмдөргө кеткен чыгымдарына жардам катары мэрия тарабынан 1 млн. 125 миң сом (ар бир мугалимге 1000 сомдон) шаардык РЭСке которулуп, 1125 мугалим электр энергиясына кеткен чыгымдарын төлөөдө жеңилдик алышкан;

### Жалал-Абад облусунда

Сузак районунда: Таш-Булак айыл аймагында 5 жаш мугалимге, Курманбек айыл аймагында 6 жаш мугалимге, Көк-Арт айыл аймагында 3 жаш мугалимге бир жолку берилүүчү он эселенген жөлөк пул (10 мин сомдон), жалпысынан 140 миң сом берилген.

### Ош облусунда

Кара-Суу районунда: 2022-2023- окуу жылында 14 жаш адиске 5000 сомдон 10000 сомго чейин жөлөк пул (жалпы 120 миң сом), үч кызматкерге жер тилке, 56 кызматкерге 271 миң 500 сом акчалай жардам, айыл өкмөттөрү тарабынан 86 кызматкерге 176 000 сомдук соцпакет берилди. Ошондой эле 22 кызматкерге демөөрчүлөрдөн азыктүлүк жана акчалай 78 000 сомдук жардамдар уюштурулуп, 43 кызматкерге 17 тонна көмүр жана 80 кызматкерге 84 000 сом акчалай жардамдар берилген;

Өзгөн районунда: окуу жайды жаңы бүтүп келген 42 жаш адиске жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен чарбачылык жүргүзүү үчүн бир жолку 4 миң сомдон 10 миң сомго чейинки акча каражаттары төлөнүп берилген; Салам-Алик, Мырза-Аке айыл аймактарында турмуш-шарты оор кызматкерлерге, жаш адистерге (жалпы 96 кызматкерге) 16 тонна акысыз көмүр берилген; Дөн-Булак айыл аймагында 6 мугалимге, Жылалды айыл аймагында 4 мугалимге жер тилкелеринин сертификаттары тапшырылган;

Ноокат районунда: аз камсыз болгон, жашоо шарты оор абалдагы 158 билим берүү кызматкерине социалдык өнөктөштөр тарабынан бекер көмүр таратылып берилген.

### Нарын облусунда

Жумгал районунда: Чаек айыл аймагында жылына бир жолу ар бир билим берүү кызматкерине электр энергиясы үчүн 350 сом берилген;

Нарын облусунун бир топ айыл аймактары дотацияда болгондуктан жеринде мындай колдоолордун мисалы жокко эсе.

### Талас облусунда

Кара-Буура районунда: Бакыян айыл аймагында отунга муктаж мугалимдерге ар бирине 0,5 тоннадан көмүр берилген; Көк-Сай айыл аймагында 10 кызматкерге, Бакайыр айыл аймагында 6 мугалимге, Шекер айыл аймагында 6 мугалимге жыгач отундан жардам берилген; Бакайыр, Маймак, Көк-Сай, Бакыян, Бейшеке айыл аймактарына караштуу мектептердин билим берүү кызматкерлерине медициналык кароодон өтүү боюнча чыгымдары каржыланган;

Бакай-Ата районунда: райондук мамлекеттик администрация менен макулдашуунун негизинде райондогу бардык мугалимдер жана бала бакчада иштеген тарбиячылар медициналык кароодон акысыз өтүүгө жетишилсе, ал эми техникалык кызматкерлерге акы жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралып жатканын мисал кылсак болот.

### Баткен облусунда

Албетте, Баткен аймагы өзгөчө көңүл чордонунда, анткени Баткен коогаланын унута албайбыз, өз кезегинде Борбордук комитет да жеринде мугалимдердин ал-акыбалын сурап жардам берип келүүдө.

Коогаландан улам, аймактагы ар бир уюм, ар бир эмгекчи ар тараптуу колдоого муктаж. Анын ичинде биздин социалдык өнөктөш болгон айыл аймактар өздөрү ар тараптуу жардамга муктаж болгондуктан башка аймактардагыдай билим берүү кызматкерлерине жетиштүү көңүл бөлө албай жатышат. Ошондой болсо дагы мисалы, Баткен районунун айыл өкмөттөрү үй-жай салууга муктаж мугалимдерге, иштетүү үчүн ижарага жер сурагандарга кезеги менен жалпы негизде жер участокторун берүүгө жетишишкен. Мисалы, 4 мугалимге үй салуу үчүн ар бирөөнө 0,15 га жер участогу берилген; 7 кызматкерге 1.8 га жер ижарага берилген. Албетте, бул аз болсо да мугалимдер үчүн камкордук экендигин унутпашыбыз керек.

Мындан тышкары аймактардагы кесиптик бирликтердин макулдашуусунун алкагында социалдык өнөктөштөрдүн колдоосунун негизинде билим берүү кызматкерлеринин эмгегине байланыштуу кароо-сынактардын, спорттук мелдештердин катышуучуларына жана жеңүүчүлөрүнө атайын баалуу белектер жана сыйлыктар тапшырылып турат.

***–Асылбек Токтогулович, билим берүү кызматкерлеринин эмгектик укуктарын коргоо багытындагы аткарылган иш аракеттер туралуу да айта кетсеңиз?***

– 2022-жылы кесиптик бирликтин борбордук комитетине тармактын мугалимдеринин жана кызматкерлеринин иш берүүчүлөр менен түзүлгөн эмгек мамилелеринде эмгек укуктарынын бузулгандыгы жөнүндө 46 арыз кайрылуу келип түшкөн жана алардын ичинен 32 кызматкердин эмгек укуктары калыбына келтирилген, мисалы: №5 УКМЛ улук тарбиячысы Н.Бекматова, Сүлүктү шаардык БББ башчысы Н.Жапаров жана Таш-

# ерүү кызматкерлеринин ден-соолугун чыңдоо”



Көмүр шаардык БББ башчысы Н.Жоошбаев жана Ноокат районунун Көк-Жар жалпы орто билим берүү мектебинин директору Э.Абдыжапарово иш берүүчүлөр тарабынан туура эмес бошотконгу аныкталып, жумуш ордулары калыбына келтирилген.

2022-жылы Жети-Өгүз районунда 1 мектепке чейинки билим берүү мекемесинде, Панфилов районунда 2, Москва районунда 1 жана Бишкек шаарында 1 орто билим берүү мектептеринде жалпы 5 бөөдө кырсык катталган. Буга байланыштуу бардык уюмдарда комиссия түзүлүп, изилдөө иштери КР өкмөтү бекиткен 27.02.21-жылдагы №64 жобого ылайык жүргүзүлгөн, Жети-Өгүз районундагы мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги өлүм менен коштолгон кырсык билим берүү уюмунун аймагынан тышкары болгон деп, министрлик төлөбөй жаткандыктан азыркы учурда бул иш сотто каралууда, калгандары жеңил жаракат менен “өндүрүш менен байланышкан” деген жыйынтыктын негизинде материалдык жардамдар берилген.

Ал эми 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында Бишкек шаарынын билим берүү уюмдарында жумуш учурунда өндүрүш менен байланышкан 8 жеңил жаракат, Жалал-Абад облусунун Токтогул районунда өлүм менен коштолгон 1 учуру катталып, профсоюздун Борбордук комитет жана Жалал-Абад облустук комитети менен КР Эмгек, социалдык өнүктүрүү жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын көзөмөлдөө жана контролдоо кызматынын өкүлүнүн катышуусу менен изилдөө иштери жүргүзүлүп, Н-1 формасы толтурулган, мындан ары профсоюз уюмдары алардын ай сайын жана бир мезгилдүү жөлөкпулдарынын убагында төлөнүшүнө көзөмөл жүргүзөт.

Кесиптик биримдиктин облустук, райондук шаардык комитеттери тарабынан билим берүү уюмдарына 2022-жылы 261 текшерүү жүргүзүлгөн. Анын 3өө Эмгек мыйзамдары менен биргелешип жүргүзүлдү. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 307 кат жүзүндө эскертмелер берилген.

2023-жылдын I-жарым жылдыгында Кесиптик биримдиктин Борбордук комитетке билим берүү уюмдарынан 56 арыз-кайрылуулар келип, ал кайрылуулар убагында териштирилип, 37 профсоюздун мүчөсүнүн эмгек укуктары калыбына келтирилди, 12 кызматкердин кызмат орду калыбына келтирилди, анын ичинен 1 кызматкердики сот аркылуу чечилди.

Билим берүү уюмдарынын жаңы окуу жылына карата даярдыгы боюнча имараттарды кабыл алуу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын ишине райондук, шаардык кесиптик биримдик комитетинин төрагаларынын катышуусу КР Эмгекти коргоо мыйзамынын талаптарынын аткарылышын жана кызматкерлер – мугалимдердин жумуш орундарына ыңгайлуу шарттардын түзүлүшүн талап кылууга шарт түзүлөт.

***– Акыркы жылдары мугалимдерге карата сыйлабастык мамиле кылуу, алардын жеке кадыр баркына шек келтирүү, шылдыңдоо аракеттери учуроодо. Мындай учурда кандай жардамдар көрүлөт?***

– Албетте, мындай учурларда Борбордук комитет жагдайды жеринде барып иликтеп, өзүнүн “баалосун-пикирин” билдирүү менен билим берүү кызматкерлеринин мыйзам чегиндеги укуктарын коргоо боюнча иш-аракеттерди уюштуруп келет.

Педагогикалык кызматкерлерге карата сыйлабастык мамилени болтурбоо үчүн «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Укук бузуулар жөнүндө кодекске өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул өзгөртүүлөрдүн негизинде мугалимдерге сыйлабастык мамиле кылгандыгы үчүн атайын тиешелүү айып пулдар өлчөмү каралган.

Борбордук комитет ар бир мындай учур боюнча жеринде барып билим берүү кызматкерлерине колдоону көз жаздымда калтырбайт.

***– Борбордук комитетке кат жүзүндө, телефон жана социалдык тармактар аркылуу кайрылуулар келип түшүп жатабы?***

– Ооба. Негизинен билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин айлык акылары башка кызматкерлерге салыштырмалуу төмөнүрөөк болуп калгандыгына байланыштуу каттар келип түшкөн. Жалпы жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилери өз кайрылууларында алар окуучу, окутуучулар жана жалпы билим берүү процессине толук жоопкерчиликтүү экендигине карабастан, алардын жетекчи катары кадыр-баркына, моралдык жана материалдык абалына тиешелүү маани берилбей калгандыгын баса белгилешкен.

Мисалы, акыркы он жыл ичинде облус аймагында эң мыкты деп эсептелген мектепке чейинки билим берүү уюмунун жетекчиси өз эмгек акысы тарбиячынын жардамчысыныкынан, чарба башчысыныкынан да аз болуп калгандыгын, алардын канча жылдан берки эмгеги бааланбай жаткандыгын, бул алар үчүн “моралдык кемсинтүү” катары бааланып, ишке кызыгуунун, шыктын азайышына алып келгендигин айтышууда.

Кайрылууларда мындай шарттар келечекте көптөгөн жетекчилердин кызматтарынан кетип жана кошумча каражат булактарын издөөгө мажбурлай тургандыгын да эскертишүүдө.

Бул кайрылуулардын негизинде Борбордук комитет Министрлер Кабинетине, Билим берүү жана илим министрлигине, Финансы министрлигине көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү келтирүү менен бир нече ирет расмий кайрылуу жөнөттү жана кезигишүүлөрдү уюштурду.

***– Борбордук комитеттин социалдык тармактар аркылуу өз мүчөлөрү менен байланышы барбы?***

– Борбордук комитет өз мүчөлөрү менен тыгыз байланышта болуу жана алардын күнүмдүк суроо-талаптарын, эмгектик, укуктук маселелерине байланышкан муктаждыктарын өз учурунда чечүү максатында социалдык тармактар аркылуу да иш жүргүзүп келүүдө.

Мисалы, кесиптик биримдиктин расмий сайты 2011-жылдан бери иштеп келе жатат. Анда билим берүү кызматкерлеринин эмгектик-укуктук суроолоруна байланыштуу “мыйзамдар”, “иш-кагаздар”, “жаңылыктар” жана “суроолорго жооптор” сыяктуу рубрикалар уюштурулган. Биздин эсебибизде сайтты ай сайын болжол менен 13 миңге чукул билим берүү кызматкери карап, өзүнө керектүү маалымат менен таанышкан.

Ошондой эле Борбордук комитет Телеграмм, Инстаграмм, Фейсбук сыяктуу социалдык тармактарда дагы катталып, баракчаларын уюштурган жана Ютуб каналында өзүнүн видео материалдарын жайгаштырып турат.

Борбордук комитеттин маалыматтык иштер бөлүмү билдиргендей, Телеграмм каналында учурда 3 миңге чукул, ал эми Инстаграм жана Фейсбук баракчаларыбызда 1150дөй катталуучу күн сайын өз ой-пикирлери менен бөлүшүп, өз ара баарлашууга мүмкүнчүлүк алышкан. Кесиптик биримдик мүчөлөрүн шыктандыруу, активдештирүү жаатында дагы социалдык тармактар аркылуу карoо-сынактар уюштурулган.

Комитеттин Телеграмм каналы аркылуу республиканын бардык аймактарындагы билим берүү кызматкерлери өз эмгек акысы, ооруп калган учурлардагы жөлөкпулдун суммасы жана шарттары, иш берүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдер жана башка эмгекке байланыштуу көптөгөн суроолор боюнча Борбордук комитетке түзмө-түз байланышып, жоопторду алып жатышат. Ар бир кайрылуучунун суроосуна жооп берүү Борбордук комитеттин тыкыр көзөмөлүндө.

Өз мүчөлөрүбүздүн маалымдуулугун күчөтүү, алардын кесиптик биримдик боюнча дареметин жогорулатуу максатында Ютуб каналда дагы атайын кыска-нуска видео роликтерди жайгаштыруудабыз.

Сайт жана социалдык тармактардан тышкары кесиптик биримдиктин “Позиция Профсоюза” аталышындагы гезити 2003-жылдан бери жарыкка чыгып, кесиптик биримдиктин мүчөлөрүнө тиешелүү маалыматтарды берип келет.

***– Асылбек Токтогулович, Жогорку Кеңештин депутаттары Профсоюз Федерациясын мүлккө мыйзамсыз кол салуу, жер сатуулар болгон деген кине коюп, атайын пресс-конференция уюштуруп жиберишти. Бул боюнча сиздин оюңуз кандай?***

– Билим жана илим кызматкерлеринин профсоюзунун Борбордук комитети өз ишмердүүлүгүн “Кесиптик биримдиктер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 16.10.1998-ж. №130 мыйзамынын (04.08.2004-ж. редакциясына ылайык) жана кесиптик биримдиктин тармактык Уставынын негизинде жүргүзөт.

Уставдын 90-пунктунда “Кесиптик биримдиктин менчик ээси укуктарында кесиптик биримдиктин мүлктөрүн, акча каражаттарын жана башка баалуулуктарын ээликтейт, пайдаланат жана башкарат” деп белгиленген.

Аталган мыйзамга жана тармактык Уставга ылайык, «Красная Гвоздика» балдардын ден соолугун чыңдоо борбору (лагерь) Борбордук комитеттин менчиги болуп саналат. 2016-жылга чейин «Красная Гвоздика» лагеринде профсоюздун мүчөлөрүнүн балдары эс алышкан. Бирок, акыркы жылдары профсоюздун активдери балдарды эс алдырууну Ысык-Көлдүн жээгинде уюштурууну талап кылып жана «Красная Гвоздика» лагери жылына болгону 1,5 ай гана иштеп, жылдын калган убактысы иштебей, өзүнөзү актабай калгандыгына, жатуучу имараттардын эскилиги жеткендигине байланыштуу балдарын жөнөтүүдөн баш тартышкан.

Ошондой эле кесиптик бирлик мүчөлөрү Ысык-Көл жээгинен лагерь уюштурулса, жыл бою иштегенге ылайыкташтырууга болоорун белгилешип, муну менен катар эле профсоюз мүчөлөрүнө укуктук окутууларды, эс алууларды уюштурууга муктаждык бар экендигин Борбордук комитетке кайрылууларында билдиришкен.

Алардын сунуштары эске алынып, «Красная Гвоздика» лагерин Ысык-Көлдүн жээгинде уюштуруу жана жыл бою иштегенге ылайыкташтыруу боюнча маселеси Борбордук комитеттин 01.04.2016-ж. кезектеги президимунда президиум мүчөлөрүнүн (райондук, шаардык жана облустук комитеттердин, окуу жайлардын кесиптик биримдигинин төрагалары) катышуусунда талкууланып, лагерди жер аянты жана бардык имараттары менен Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан имараты менен жер аянтына алмашууга руксат берилген жана алмаштырылуучу имарат менен жер аянтын издеп табууну Борбордук комитет 15.06.2016-ж. №64 буйругу менен түзүлгөн комиссияга жана лагердин директоруна тапшырган.

Натыйжада, ылайыктуу жер табылып, жумушчу комиссиянын «Красная Гвоздика» лагерин Ысык-Көл жээгиндеги имарат курулушу менен жер аянтына алмашууга болот» деген чечими чыгарылган.

Андан кийин БКнын 2016-жылдагы кезектеги пленумунда жумушчу комиссиянын пикири эске алынып, БКнын президиумунда Аламүдүн районуна караштуу Таш-Дөбө айылындагы “Красная Гвоздика” лагерин имараттары менен “Ысык-Көл жээгинде жайгашкан имараты менен жер аянтына алмаштыруу жөнүндө” (01.04.2016-ж. №4/6-2 токтомун бекитүү) маселе каралып БКнын 19.08.2016-ж. пленумунда №3/3-2 токтому кабыл алынган жана токтомдун аткарылышы комиссияга жана лагердин директоруна милдеттендирилген.

Жыйынтыгында лагерь Ысык-Көл облусунун Тоң районуна караштуу Тоң айылындагы 100 орундук жатаканасы (жатакананын ар бир бөлмөсү эс алууга ылайыкташтырылып телевизор, тумбочка, кийим илүүгө шкаф, чай ичүүчү стол-стулдары менен жабдылган), 100 орундук ашканасы (жабдыктары менен), 40 орундук конференц-залы (жабдыктары менен), күнүнө 10 миң литр куб саркынды сууну тазалоочу станциясы, кошумча 2 конок үйү менен жер аянтына алмаштырылган.

«Красная Гвоздика» ден соолукту чыңдоо борборунун имараты менен жер аянтынын алмаштырылуусунун мыйзамдуулугу Аламүдүн райондук сотунун 17.02.2022-ж., Чүй облустук сотунун 30.05.2022-ж. жана Жогорку соттун 31.01.2023-ж. чечимдери менен тастыкталган. Соттук териштирүүлөр учурунда мүлктүн мыйзамдуулугуна тиешелүү бардык регламенттик документтер кылдат каралып, ишке байланыштуу бардык жоопкер кызматкерлерден түшүнүк каттар алынган.

Ошондой эле бул маселе 16.05.2017-ж. Таш-Дөбө айылдык кеңешинин депутаттары Өмүрова менен Бейшебаеванын арызынын негизинде Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынын тергөө башкармалыгында каралып, кылмыш курамынын жоктугу аныкталган.

Ушул эле арыздын негизинде маселе кайрадан Аламүдүн ички иштер бөлүмү тарабынан каралып, мүлктөр көз карандысыз жана мамлекеттик баалоочу уюмдар тарабынан изилденип, бааланып, мүлкту алмашкан тараптын төлөгөн каражаттарынын айырмасы мүлктүн баасына дал келээри аныкталган жана бул иш аракетте мыйзам бузуулар жок экендиги 19.04.2022-ж.токтом менен тастыкталган.

Ошондой болсо дагы учурда бул маселе КРнын УКМКсы тарабынан кайрадан каралып жаткандыгын, Борбордук комитет тарабынан ишке тиешелүү керектүү кагаздар (чечимдер, протоколдор, түшүндүрмөлөр, финансы документтери) УКМКга тапшырылып берилгенин маалымат катары айта кетким келет.

Алмашылган күндөн бүгүнкү күнгө чейин “Красная Гвоздика” ден соолукту чыңдоо борборунда ар жылы 2000ге жакын кесиптик бирлик мүчөлөрү эс алдырылат. Ошону менен катар жыл ичинде кесиптик бирлик комитеттеринин иш планына ылайык, анда илимий педагогикалык, спорттук иш-чаралар уюштурулуп, социалдык-экономикалык, укуктук жана эмгекти коргоо боюнча окутуулар өтүп, иш-чаралар уюштурулуп турат. Үстүбүздөгү жылы да ден соолукту чыңдоо борбору 8-июндан тартып эс алуучуларды кабыл алып баштады.

Мигранттын күндөлүгүнөн



## Сайрагүл ЖОЛБОРСОВА:

# “Ар түркүн тагдырлар”

**Автордон: Мунун баары ойдон чыгарылган окуялар эмес. Баары турмушта болгон, мен өзүм күбө болгон, уккан окуялар. Мен аларды алымчалап-кошумчалабастан, болгону бир аз көркөмдөп койдум.**

### Динара

Ушул окуяны эстеген сайын, бут алдымдан жер көчүп эсеңгиреп кетем. Бир күнү бир досум чалыптыр:

– Бошсуңбу? – деп.

– Жок, жумуштамын, – дедим.

Жумушта экенимди ал деле билет. Ошон үчүн чалганын түшүнүп эле турам, бирок, кайда экенимди тактагысы келдиби, “Бошсуңбу?” деп сурап койду.

Москвага келгени, менчик клиникалардын бирине ишке орношком. Эрте менен жумушка кирип кеткен бойдон кечинде чыгам. Жамгыр жаап атабы, кар жаап атабы, жумуштан чыгып билем. Ал күнү жамгыр нөшөрлөп жааган көрүнөт, а мен жумуш менен алаксып, жамгыр жааганын деле байкабайм.

Операция жасала турган бөлмөдө ошондой, эч нерсе көрүнбөйт. Бир аз убактым бар үчүн, досум менен сүйлөшүү үчүн эс алуу бөлмөсүнө бардым.

– Эмне болду, тынччылыкпы?

– Аптекадан температура түшүрүү үчүн укол сурасак бербеди, “Сенде барбы?” деп чалдым эле, – деди Динара телефондун ары жагынан.

– Ашыкча жок, бизде билесиң да, оорулууларга эсептеп берилет, – дедим да, жөн чалбаганын билип: – Кимге температура чыкты эле? – деп тактап койдум.

– Ээ курбум, сөздү эмнеден баштап, эмнеден коерумду да билбейм. Бир тааныш сиңдимдин боюнда бар эле, айкүнүнө жетип ушул мезгилге чейин айтпаптыр. Ал Москванын сырт шаарында жашаган үчүн мен деле билбепмин. Жигити таштап кетип калыптыр. Москваны түп көтөрүп издедик.

Оор үшкүрүнүп алды.

– Кечээ: “Апже тез келиңиз, толгоом башталды”, – дегенинен куюн-чымын болуп жетип бардым, “Тез жардам чакырайын”, – десем такыр ынабайт, “Эч ким билбесин” деп. “Сиз чоң апам экөөң айылда төрөтчү элеңер го, мени деле үйдүн жер төлөсүндө төрөтүңүз” – деди.

Ал өзү сурангандай, кызды жер төлөсүнө жетелеп кирип, төрөттүм. Көрсө, алдын ала эле өзүнө төрөтүү үчүн жай даярдап койгон экен. Аябай кыйналды. Баласын аман сактап кала албадым. Шарт жок болсо, кантип сактап каласың. Эми минтип ымыркайды өзүм өлтүрүп алгансып, ичимден кан өтүп жатат...

Динара телефондун ары жагынан ыйлап жатты. Анын ыйлаганын угуп, телефондун бери жагынан аны сооротоор сөз табалсамчы. Негедир “Сактап кала албадым” дегенин укканда, ичим туз куйгандай ачышып кетти. Анын азыркы абалын элестетип жаттым. Ал бир топко бышактап барып басылды.

– Эч кимге көргөзбөй жер казып, ак сурпка ороп ээн жерге, дарактын түбүнө көмдүм, – деди Динара.

Ушуну укканда жарылып кеттим. Курбума үнүм жетишинче телефондон кыйкырдым. “Төрөтөм деп, бала эмес, өзүн өлтүрүп алып камалып кет” дегенден башканы айта албай эчкирип ыйладым....

### Замира

Энтигип кирген Замиранын ыйлаган үнүнөн баарыбыз ойгонуп кеттик. Түнкү саат 1.

– Кыйкырсам, эч кимиң чыкпадың, – деп шолоктойт.

Баарыбыз:

– Эмне болду? – деп аны тегеректеп алганбыз.

– Күндөгүдөй жумуштан келе жатканмын. Автобустун артында бир кыргыз байке, алды жагында мен. Калганы бүт орус улутундагылар. Төрт-беш аялдамадан соң түштүм. Карасам тиги байке да түштү, ак футболка, кара кепка кийип, көздөрүн жашырып алган.

Үйдүн алдындагы скверге жеткенде, басышымды тездеттим.

Ал да басышын тездетти.

Дарактардын түбүнө келгенде, сумкамды тартып алды да, мени көк чөптүн үстүнө жаткырып, оозу-мурдумду алаканы менен жаап, өз оюн ишке ашырганы аракет кылды, – деп сөзүн уланта албай, сөзүнө муунуп, эчкирип ыйлап жиберди. Ийнеликтей жапжаш кыздын тиги зөөкүрдүн астында калганын элестетип, аябай жиндендим.

Замира ыйлап алган соң, сөзүн улады.

– «Помогите люди»деп үнүмүн барынча кыйкырдым, жардам берээр эч ким жок, же силер укпайсыңар. Жанталашып бакыра бердим. Кудай жалгап, ошол учурда жакын жердеги азык-түлүк дүкөнүнө продукты алып келгени машина токтоду. Аларды көрүп дагы кыйкырдым. Тиги зөөкүр шымынын замогун чече албай убара... Орус улутундагы эки бала менин кыйкырганымды угуп, биз жакты көздөй чуркашты.

Тиги зөөкүр тура калды да, шымын көтөргөн бойдон караңгыга житип кетти. Эки орус бала келип мени тургузуп, кийимдеримди кагып, бири тиги зөөкүрдү издеп кетти. Бири мени үйгө чейин жетелеп алып келди.

Ошол эки орус бала болбогондо, мен эмне болот элем билбейм деп, – ыйлап атты Замира.

Кийинки күнү эле ал билет алып Кыргызстанга учуп кетти. Кетпегенде эмне кылат. Москвада, атасы тааныбаган чет жерде дагы кайсы маңкурттун астында калат. Бул жолу Кудай чоң сактаптыр. Кийинкиде жакын арада орус балдар жок болуп калсачы?!.

Биз ошол эки орус балага алкыш айтып кала бердик. Тиги зөөкүр кыргыз киши кийин кармалды деп уктук. Көрсө жалгыз калган кыз-келиндерди тоноп, арам оюн ишке ашырып үйрөнүп калган маңкурт экен.

(Уландысы кийинки санда)

Акча тапканча – эсеп тап

# Каржылык тиркемелерди биле жүрүңүз

**Бюджетти натыйжалуу пландаштыруу – бул бир эле пландаштырып калтырып койбой, жыл бою үзгүлтүксүз жүргүзүү адатын калыптандыруу зарыл. Ал эки конкреттүү амалдан турат. Сиз адегенде алгачкы бюджетти түзүп, анда белгилүү бир убакыт ичинде күтүлө турган же пландаштырылган кирешелер, чыгашалар аныкталат.**



Көпчүлүк кишилер бюджетти бир айга түзүшөт, бирок бир жылдык бюджет да көп кездешет. Мисалы, идиш-аяк, автоунаа чыгымдары, ижара акысы же ипотека төлөмү сыяктуу көзгө даана көрүнгөн чыгымдарды эле эмес, бардык чыгымдарды эске алуу керек.

Туулган күнгө белектерди, үй жаныбарларынын жылдык лицензия төлөмүн, журналга жазылууну жана автоунаа майын алмаштырууну да эстен чыгарбаңыз. Айлык же жылдык кирешеңизди аныктап, ар бир тыйынды эмнеге жумшай турганыңызды тактаңыз.

Биз сактоолор менен инвестициялар жөн гана баланстык калдык эмес, бюджетиниздин атайын пландаштырылган беренелеринен болушун сунуштайбыз.

***Биз сиздин каржыңызды көзөмөлдөө үчүн колдонмолордун тизмесин түздүк***

**Zen-money** – колдонмосу бир айга болжолдуу планды түзөт. Милдеттүү төлөмдөр үчүн канча акча керектелет, канчасы ар кандай категорияларга жумшалат жана канчасы сиздин капчыкта калат. Тиркеме чектерди сканерлейт, банктардан келген билдирүүлөрдү тааныйт жана банктык тиркемелерден маалыматтарды импорттоого мүмкүндүк берет (бул функцияга акы төлөнөт).

**Coinkeeper** – бардык тыюу салууулардан SMSти тааныйт. Телефонго картадан акчаны алып салуу жөнүндө билдирүү келгенде, Coin Keeper автоматтык түрдө бул сумманы чыгашага киргизет. Арыздагы бардык чыгашалар категорияларга бөлүнөт жана графиктер же чыгымдардын пайыздык үлүшү менен таблица түрүндө көрсөтүлөт. Категория боюнча кайталануучу төлөмдөр жөнүндө эскертүүлөр бар. Тиркеменин терс жагы –жарнаманын көптүгү.

**Monefy** – бардык чыгымдар категорияларга бөлүнөт жана негизги экрандагы диаграммада көрсөтүлөт – аларды бир күн, жума же айга көзөмөлдөй аласыз. Колдонмо бир нече валютаны тааныйт. Камтылган калькулятор, ошондой эле үй-бүлөлүк бюджетти эсепке алуу функциясы бар, бул үчүн сиз бир нече эсептерди түзүшүңүз керек жана ар бир адам өз кирешесин, чыгашасын (акы үчүн) кошо алат.

**Money Flow** – кайталоо функциясы бар. Мисалы, сиз насыя төлөмүн байланыштыра аласыз жана ай сайын маалыматтарды киргизбейсиз. Сиздин эсептериңиздин ортосунда которуулардын жазуусу бар. Сиз транзакцияларга сүрөттөрдү кошо аласыз (акы үчүн). Сиз гео тегдерди кошуп, операциялардын жайгашкан жерлерин эстей аласыз (акы үчүн).

**Buddy** – Тиркеме жалпы бюджетти башкаруу үчүн иштелип чыккан: сиз жазылуу үчүн бир жолу төлөйсүз жана башкаларды электрондук чакыруулар аркылуу байланыштырасыз. Колдонуучу чыгымдарды категорияларга бөлүп, аларды үй-бүлө мүчөлөрү же достору менен бөлүшө алат. Сиз майрам сыяктуу конкреттүү иш-чараларга чыгымдарды пландаштырып, бөлүштүрө аласыз. Банктар менен синхрондоштуруу жок.

**Moneyon** – Колдонмо сиздин сарптоо чегиңизди эсептейт жана ага жакындаганыңызда эскертет. Чексиз үй-бүлөлүк капчыктар жана жеке чыгымдар, PDFке импорттолушу мүмкүн болгон айдын жыйынтыгы боюнча деталдуу талдоо, банктардан келген билдирүүлөрдү таануу, профилди синхрондоштуруу жана сүрөттөрдү тиркөө функциялары (акы төлөнөт).

Жакшы адам – жаныңда

# Бакытын эмгегинен тапкан инсан



**Жашоосунда көп иштерди жасап ийгиликтерге жетишсе да, аларды жар салбай, өз ишин акырындап аткарып жүрө берген адамдар да болот. Негизи коом мына ушундай адамдар бар үчүн кармалат. Биз сөз кыла турган Сулайман Мамаев да ошондой адамдардын бири.**


А.Агибалов (солдо) жана С.Мамаев (ортодо)

Болбосо, анын өмүр баяны менен таанышып көргөн адам, анын мактана турган жөнү бар экенине ынанбай койбойт. Азыр Айыл чарба министрлигине караштуу А.Дүйшеев атындагы Кыргыз мал чарбачылыгы жана жайыттар илим изилдөө институтунун ага илимий кызматкери, айыл чарба илимдеринин доктору, профессор С.Мамаев өмүрүндө кандай гана эмгектик тепкичтерди басып өтпөгөн.

1974-жылы Ош айыл чарба техникумун аяктаган ал кездеги жаш улан Сузак районундагы Октябрь жүзүмчүлүк совхоз комбинатта механик болуп иштөө менен турмуштун чоң жолуна аттанган. Ал мезгилдеги салт боюнча, 1975 – 1977-жылдары Советтик армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин Москвадагы ошол учурдагы кадыр-барктуу болгон Патрис Лумумба атындагы эл аралык университетке тапшырып, аны ийгиликтүү аяктап, зооинженер адистигин алган.

1983-жылы Өзгөн райондор аралык мамлекеттик асыл тукум станциясында директор болуп, ошол кездеги Совет (азыркы Кара-Кулжа) жана Өзгөн райондорунда асыл тукум малдын сапатын жакшыртууга чоң салым кошкон. Анын мындай иш билгилиги көз жаздымда калбай, 1984-жылы Өзгөн райондук агро-өнөр жай бирикмесинин председателинин орун басарлыгына көтөрүлгөн.

Кийин тажрыйбалуу кызматкер катарында райондун "Алга" совхозуна башкы зоотехниктик кызматка жөнөтүлүп, ал жерден да мыкты адистигин, кесипкөй жетекчилигин көрсөтө алды. Чарбанын бардык көрсөткүчтөрү өсүп, алдыңкы чарбага айланышына чоң салымын кошту.

1987-жылы этти кайра иштетүүчү чарбалык эсептеги заводго директорлукка дайындалган. Мындай формадагы ишканаларда кирешелүү болуш үчүн кандай аракеттер керек экенин улуу муундагылар жакшы билишет. Ал үчүн иштин көзүн билип, уюштуруучулук жана адискөйлүк менен иштөө керек.

Бул иште да өзүн көрсөтө алган С.Мамаевге 1990-жылы 560 адам иштеген кургак сүт чыгаруучу ири заводду жетектөө ишенип берилген. Ошол учурда өндүрүштүн жаңы метоодору киргизилип, жумушчулардын социалдык маселелерин чечүү үчүн 48 батирлүү 2 үй, 90 орундуу бала бакча курулганын айтуу жетиштүү.

Айылдык жана райондук советтердин депутаты болуп шайлануу менен элдин да маселелерин чечүүгө салым кошо алды. Бул коомдук ишмердүүлүгү жана алган сыйлыктары менен грамоталары жөнүндө өзүнчө сөз кылса болот.

Ошентип, чарбачылыктын төмөнкү баскычтарынан баштап такшалган, тажрыйба топтогон бул адис 1998-жылдан бери өлкөнүн айыл чарба министрлигинде иштеп келет. Министрликте катардагы адистен баштап башкармалыктын начальниги кызматына чейин жеткен.

Ишти илимий уюштуруунун артыкчылыгын билген С.Мамаев өлкөнүн башкы агрардык ведомствосунда иштөө менен катар илимий иштерин да улантып, өз тармагы боюнча кандидаттык, доктордук диссертацияларын ийгиликтүү коргоду. Түздөн-түз милдеттеринен тышкары, 2005 – 2007-жылдары катары менен 3 жыл эзелки кыргыз жылкысын калыбына келтирүү максатын көздөгөн эл аралык ат чабыш фестивалдарын уюштурууга жана өткөрүүгө катышкан.

А.Дүйшеев атындагы Кыргыз мал чарбачылыгы жана жайыттар илим изилдөө институтунун илимий кызматкери, окумуштуу катарында Генетика жана биотехнологиялар лабораториясында эчкилердин сүттүү жаңы тукумун чыгарууга катышкан. Эчкинин сүт багытындагы тукумунун автору болуп саналат. С.Мамаев койлордун роман тукуму боюнча илимий изилдөөлөрүн улантуу менен 64 илимий эмгегин жарыялаган.

Азыркы учурда Экология жана жашоо ишмердигинин коопсуздугу эл аралык академиясынын мүчө-корреспонденти. Мындан тышкары, Россиянын Жогорку билим берүүнүн федералдык мамлекеттик бюджеттик билим берүү мекемеси – Петр I атындагы Воронеж мамлекеттик агрардык университет менен кызматташтыктын өнүгүшүнө салым кошуу менен кыргыз жаштарынын бул алдыңкы ЖОЖдон акысыз билим алуусуна өбөлгө түзүп келет. Жакында эле өзү да ал россиялык ЖОЖдо болуп, студенттерге лекция окуп берди.

Замандашыбыз Сулайман Шамшиевич мына ушундай жаны тынбаган адам. Ал дагы да алган билимин жана топтогон көп жылдык тажрыйбасын элге кызмат өтөөгө арнай берет деген ойдобуз.

Турмуштун өөдө-төмөнү

# Кыргызчылыкпы же... чылыкпы?

**Бул окуя канчалаган адамдар үчүн трагедия болгон Улуу Ата Мекендик согуш учурунда болгон. Мен каармандардын – айылдагы аксакалдардын ысымдарын өзгөртүп койдум. Анткени, окуя жөнүндө аны эки каармандын биринен укkам. Ал өзү тарапка өзгөртүп айтып коюусу да мүмкүн. А экинчиси ал жөнүндө айтып бергенди жаман көрчү. Азыр ал эки кишинин тең көзү өтүп кеткен.**
**Баса, ушул окуядан улам дүйнөнүн тардыгына ишенип кетесиң.**

Айылдан согуштун алгачкы күндөрүндө чакырылган Эшмат кызмат кылган аскер бөлүгү 1942-жылы курчоодо калып, ал өзү бир топ жоокерлер менен бирге немистердин колуна туткунга түшүп калат. Кийин аны немистер өздөрүнө тартышып, кызматка алышат. Ал жеринен идиректүү болсо керек, бир жыл ичинде немисчени үйрөнүп, концлагерде кармалган советтик туткундар менен иштеген немис офицерине жардамчы болуп кызмат кыла баштайт.

Анын айылдашы Ташмат да 1943-жылы немистердин колуна түшөт. Анан ал туткундарды Эшмат кызмат өтөп жүргөн концлагерге жөнөтүшөт.

Дүйнөнүн тардыгын карабайсыңарбы, ошентип эки айылдаш ошол жерден кезигип калышат. Аргасы кетип, өлүм көз алдына келип, туткундардын катарында турган Ташмат аларды тизип алып, кыдырып келе жаткан немис офицерин жандап жүргөн айылдашы Эшматты көрүп, энеси эркек төрөгөндөй сүйүнүп:

– Эшмат, бул мен, Ташматмын! – деп кыйкырат.

Анда тигил кыргыз аны укпагандай түр көрсөтүү менен немисче бир нерсени айтып, жаактан ары тартып калат.

Анан немис офицерге бир нерселерди түшүндүрүп берет.

Жаакка жеген Ташмат "Жаңылдым окшойт. Бул Эшмат эмес турбайбы" деп ичинен сызып, бирок, тигил кишинин айылдашына куюп койгондой окшоштугуна таң калат.

Эки күндөн кийин баягы немисче сүйлөгөн кыргыз Ташмат жаткан баракка келип, аны өзүнчө чакырып алат.

– Мен чынында эле айылдашың Эшматмын, – дейт. – Бирок, бул жерде этият болуу керек. Туткундарга жардам бергенимди билишсе, немистер менин өзүмдү атып салышы мүмкүн. Ошондуктан, экөөбүздүн айылдаш экенибизди башкаларга айтпа. Мен сага жардам берип турам.

Ошентип, Ташматка көмүскө жардам берүү менен аны лагерде чарба иштерине орноштуруп, Германияга айдалып кетүүсүнөн – өлүмдөн да сактап калат.



Эшмат немис офицерлери менен аралашып жүргөндүктөн, майдандагы абалдан жакшы кабардар болуп турган. Кийин советтик аскерлер жакындап барып калышкан убакта, алдын-ала мурдатан даярдап койгон советтик жоокерлердин кийимдерин кийип алышып, экөөсү лагерден качып чыгышат.

Эшматтын үйрөтүүсү менен экөөсү алар туткунга түшүп калышып, токойдо бекинип жашап жүрүшкөндүгү боюнча легенда түзүшөт.

Чабуул коюп келе жатышкан советтик жоокерлердин алдын торой чыгышып, алар атайын текшерүүдөн өткөндөн кийин алардын бактысына жараша шектүү эч нерсе табылбайт.

Ошентип кайрадан аскерлердин катарына кошулуп, согуштун аягына чейин салгылашышып, жеңүүчүлөр катарында айылга аман-эсен келишкен.

Кийин жай турмушта жашашып, Эшмат сабаттуу болгондуктан колхоздо кызматка көтөрүлөт. А Ташмат ар кандай кара жумушта иштеп жүрөт. Бала-чакалуу болушат. Алардын туткунда болушканы тууралуу эч кимге билинбейт.

А бир күнү экөөсүнүн ортосунда чатак чыгып кетет. Жаман-жакшы айтышып, мушташка чейин жетишет. Анан ызаланган Ташмат прокуратурага барып, Эшматтын немистерде кызмат өтөгөнү жөнүндө арыз жазып салат.

Натыйжада Эшмат он жылга соттолуп, түрмөдө отуруп келген...

Арадан жылдар өттү. Айылдаштардын айрымдары Ташматтын кылганын туура эмес көрүшсө, айрымдары немиске кызмат өтөгөн Эшматтын жазасын алышканын туура көрүп жүрүштү...

**Т.ИСХАКОВ**

Абитуриент – 2023

# Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Кант шаарындагы №25 кесиптик лицейи







№25 Кесиптик лицейи 1974-жылы Кант шаарындагы цемент-шифер заводуна жумушчу кадрларды даярдоо максатында ачылган. 49 жылдын ичинде лицейде 18 минден ашык өлкөбүздүн ар тармагындагы өндүрүштөрүнө квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдап келет.

Лицейде 300 дөн ашык окуучулар "Электр жана газ менен ширетүүчү", "Ашпозчу,кондитер,наабайчы", "Автомобилдерди оңдоочу слесарь", "Тикмечи", "Автомеханик", "Электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр монтеру", " Шыбакчы-сырдоочу" кесиптер боюнча билим алууда. Ошондой эле лицейде кыска мөөнөттүк окутуу курстары да уюштурулган.

Учурда лицей өнүгүүгө, жаңылануугa багыт алган. Азия өнүктүрүү банкынын колдоосу менен Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин секторду өнүктүрүү программасы: "Инклюзивдик өнүгүү үчүн көндүмдөр" долбоорунун алкагында №25 Кесиптик лицей "Автомеханик"жана "Электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электр монтеру" кесиптери боюнча окуу кабинеттерге , устаканаларга заманбап жабдуулар алынды. Аталган кесиптер боюнча окутуу кредиттик системанын негизинде уюштурулду. Ушул эле долбоордун алкагында лицейде капиталдык ремонт иштери аткарылганы турат.

Кийинки жылдары бүтүрүү квалификациялык экзамендер көз карандысыз сетификациялоо элементтерин колодонуу менен өткөрүлүп жатат.

Бүтүрүүчүлөрдүн жөндөмдөрүн иш берүүчүлөр сынашат. Лицей көптөгөн чоң өндүрүштөр, ишканалар менен тыгыз иш алып барып жатат. Дуалдык окутууну өздөштүрүп жатат.

Педагогикалык жаамат окуучуларга билим, кесип берүүнү гана көздөбөйт, тарбия иштери жогорку деңгээлде уюштурулат.

***2023-2024 окуу жылына №25 Кесиптик лицей төмөнкү кесиптер боюнча кабыл алууну жарыялайт:***

**2 жылдык окуу мөөнөтү менен 9 класстын базасында бюджеттик негизде:**

- "Электр жана газ менен ширетүүчү"
- "Автотранспорт каражаттарын оңдоочу слесарь"
- "Ашпозчу, кондитер, наабайчы"

**10 айлык окуу мөөнөтү менен 11 класстын базасында бюджеттик негизде:**

- "Тикмечи"
- "Автомеханик"
